С (Кирг)
Ш 12

Масалбек ШАБДАНОВ



# КАЙЫПТАР АРАЛЫНДА



**МАСАЛБЕК ШАБДАНОВ БАРМАНТЕГИН**

*Бул китеп кут конгон кыргыз жериме, кыдыр даарыган элиме, пайгамбардай ыйык мекениме, ааламды акыл-эске чайкаган олуяларга арналат.*

# КАЙЫПТАР АРАЛЫНДА

*ырлар, болумуштар*

**«УЧКУН» АК**
**БИШКЕК — 2000-жыл.**

## СООЛБОС БУЛАК-СОБУРОВДОР

Учурдагы тартыш мезгилдин татаалдыгына карабай, ушул жыйнактын жарык көрүшүнө бир туугандык жардамын көрсөтүшкөн **СОБУРОВ АБЫЛГАЗЫ** акебиздин урматтуу уулдары, илимдин кандидаты **Күмүшбек мырзага,** илимдин кандидаты **Канчырбек мырзага,** милициянын подполковниги **Кененбек мырзага** агалык чын ниетимден ыраазычылыгымды билдиремин. Аты аталган мырзалардын атасы Абылгазы аксакал көп жылдар бою чарба жетекчиси, айыл советтин төрагасы болуп эл үчүн эмгеги сиңген ардагер катары элдин урмат-сыйлуу адамы эле. Мырзалардын энеси Токон апа баатыр эне, азыр да элинин, уул-келиндеринин, небере-чөбөрөлөрүнүн сыйурматында. «Сабырдуу карыя-соолбос дарыя» деген элдик сөз бекеринен айтылбаса керек. Соолбос булак-Собуровдордун үй-бүлөсү учурда аккан дарыядан айрымасы жок. Сүрөөнчүлүк көрсөтүшкөн инилериме таза ден соолук, таза пейил, таза ынтымак, соолбос булактай таза өмүр каалайм.

*Автор.*

© Шабданов М., 2000.

## АКЫН ЖӨНҮНДӨ СӨЗ

Анда биздин жаш кезибиз. Жаштык курак жалыны алоолонгон өрт эмеспи. Кудай бетин салбасын, ошол жаш курагыбызда Турар Кожомбердиев, Жолон Мамытов, Кеңеш Жусупов, Мурза Гапаров, Аман Саспаев өңдүү акын-жазуучулардын чыгармаларынын каны жерге тамбай турган кези. Алардын китептери түгүл газета-журналдарга жарыяланган ыр-аңгемелери көпчүлүк тарабынан чоң жаңылык катары кабыл алынчу. Анан көп нерселерге шыктанып алган өзүбүз да колдон келишинче ардеме-бирдемелерди жазып, жоро-жолдошторго окуп берип, газеталарга алпарчубуз. Ошол кездерде жаңыдан кас-кас туруп келаткандардын ичинен тың ырларды жазып, колдон келишинче оригиналдуу ойлорго бой урган жаш калемдердин бири Масалбек Шабданов боло турган.

Ал экөөбүз университетте бирге окуп калдык. Жазган айжаркын ырлары сыяктуу өзү да ачык-айрым, уу-дуусу көп замандын шары менен тең жарышкан, куулук-шумдугу жок нукура акындардай бир кыял жигит экен. 70—80-жылдары Масалбектин айрым ырлары республикалык газета-журналдардын беттеринде жана жаш акындардын альманахтарына жарыяланып, чыгармаларына жылуу пикирлер айтылып жүрдү. Бирок Масаш (биз бирге окугандар ушинтип атачубуз) чыгармачылыктын артынан сая түшкөн жок, чарбада иштеп, ыр жазууга убактысы да, чамасы да жетпеди. 1967-жылы Ригадагы эки жылдык атайын мектепти бүтүргөн соң андан кийин Ташкенден партиялык жогорку мектепти аяктап, 1980-жылы КПСС БКнын алдындагы марксизм-ленинизм университетин окуп бүткөн. Ошентип, Масакенин бир топ кудуретин окуу алып койду. Деген менен анын турса колунан, жатса оюнан кетпеген Алыкулдун, Турардын, Жолондун, китептери мурдагы муундардан Жеңижоктун ырлары, Сагымбай менен Саякбайдын «Манасы» болду. Ошолорго шыктанып, таалимин алды. Чыры менен кокую көп чарба жумушунан колу бошой калганда Ата Журтуна ар-

нап, Алыкулча танбай ыр жазды. «Ырларым хан, мен ку-
болом чөгөлөп» деп өзү айткандай, бири хан, бири кул бо-
луп, ушул күнгө чейин экөө эриш-аркак келатышат. Тур-
муштун ачуу-таттуусун бирге татышты. Масакебиздин жа-
шы элүүдөн ооп калганы менен анын сапарлашы, сырдашы
жан сүйөрү болгон поэзиясы Масаш өзү айткандай, Пушкин-
дей, Лермонтовдой, Алыкулдай талчыбыктай буралып
жапжаш боюнча. Ошол талчыбыктай буралган жапжаш
айжаркын ырларды жазып келаткан Масакенин жан дүй-
нөсү, мүнөзү да поэтикалуу. Аны менен жолугушуп сүй-
лөшкөндө черин жазылып, кышында Күнгөй, жайкысы
Тескей тоодо жүргөндөй жанын сергий түшөт, өзүнө жагым-
дуу илептин шапатасы келип турат.

Масалбек мурда да эки-үч ыр китебин жарыкка чыга-
рып, анын ыр дүйнөсү көпчүлүк окурмандарга маалым. Ал
эми бул жыйнагы мурдагыларынан чеберчилик жактан өт
кескин айырмаланып турат. Таразалап көрсөк, акындын фило-
софиялык жайытынын чабыты кеңип, тилинин поэтикалуулу-
гу артып, поэзияга, деги эле көркөм касиетке болгон ма-
милесинде бир топ өзгөрүү, өсүү бар экенине күбө болобуз.

Масалбектин ырларын окуп отурсан, акын айткандай тү-
бү тешик дүйнөгө бирде ыраазы болсоң, бирде наараазы бо-
луп, куйкаң куруша түшөт, көөдөнүң элеп-желеп, кандайды-
бир сыйкырдуу күч сенин жан дүйнөңө дүрбөлөң салып, ку-
лак угуп, көз көрбөгөн аты-жөнсүз бөлөк дүйнөгө ээрчити
кетет. Аер — акындын поэзия бейиши. Акындар демейде да
ушундай сыйкыры менен бааланат эмеспи. Сыйкырсыз, ало
жалынсыз, карандай күчкө салынып жазылган ырдын өмүр
кыска, күңүрт, супсак жана тукумсуз.

Бир мезгилде «айылдык акын», «жумушчу акын», «ча-
бан акын» анан жөн эле «акын» деп бир нечеге бөлүнү
аларга категориясына ылайык талаптар коюлуп келген. Бу-
лардын ичинен «акын» дегенине борбордо жашап, про-
фессионал болуп калгандар илинчү. Ал эми Масакеге о
шоп элет жеринде жашагандарга «жеңилдиктер» берили
чыгармаларынын оригиналдуулугу каралчу эмес. Ошол ө
карама «жеңилдик» менен Масалбек алектенген жок. С
беби, ал «жеңилдиктер» негизинен саясый ырларга ыйгары
лып келген .Сыртынан жалтырып турган өң карама, өмүр
кыска, үйлөп койгон чаначтай болуп ичи бош андай ырла
чыгармачылык изденүүдөн эмес, жеңил оокат, кызылдай а
ча үчүн жазылып жатканын ал өз убагында туура түшүнд
Жеңил-желпи абройго эмес, ары түйшүктүү ары мээнетт



жолду тандап алды. Кудайга шүгүр, ошол изденүүдөн өзү-
нүн үнүн тапты, поэзиянын тунук, мөлтүр булагынан ичти.
Ырлары жер каратпай, Масакени колдон-буттан алып деген-
дей, жети катар асманга чыгарып жибербесе да беш-алты
катарында жүрөт деп айта берсек жалганы жок.

Айтор, акын досубуздун чыгармачылык жагынан өсүп,
өнүп, жетилип турганын мындан билиңиз, анын ырлары-
нын негизги тематикасы өмүр жана өлүм туурасында бо-
луп, жыйнакты дыкат окуп чыккан адам жайдын апта-
бында каны ката чаңкап баратканда бет алдынан шылды-
рап аккан мөл булакка туш болуп, анын тунук суусунан кана
кутуп алган сыяктуу бир кумардан чыгаары анык. Анүчүн
акынга, анын тунук поэзиясына жана окурманга ак жол, ий-
гилик каалай кетели. Эмки сөз сизде, ардактуу окурман.

*Жылкычы Жапиев*

# Ата Журт, жашоо арзуулары

* * *

Адашып бу дүйнөгө жалгыз келген,
Өңдөнөм кайыптай бир ыйман терген.
Баркы жок колдо бардын бири болуп,
Башталаар көзүм жокто менин термем...

## ЭЛИМЕ

Каректен жаш ордуна кан тамчылап
Турса да душман өңдүү турмуш кыстап,
Ыйманды өз жаныма мен камчылап,
Элиме жазасам дейм адал кызмат...

## БИЗ КЫРГЫЗДЫН КУЛУНУ

Сен да билсең мен да билем урууну...
Жек көрөмүн жикке бөлүп турууну.
Жүз ата эмес, миң аталар өтсө да,
Бир гана Ата, биз кыргыздын кулуну.

## ОЛУЯ

Өңдөнүп мекенсиз бир калган карып,
Жашоодо баарысынан жалгыз калып



Жүрсө да... арбагы азыр ажырагыс,
Олуя жашайт элде болгон кайып.

## ТИЛЕК

*(Ушул китепке өз демилгеси менен сүрөөнчүлүгүн көрсөткөн «Урмаралдык» иним, илимдин кандидаты Абылгазы уулу Күмүшбек мырзага)*

Илимпоз иним Күмүшбек,
Сени, кыргыздын чыгаан уулу дейт.
Сен жөнүндө арыбас,
Айтылып келет жакшы кеп.

Эл үчүн көргөн камылгаң,
Ал өмүрүң үчүн табылгаң.
Тилегим-дөөлөттүүлөрдүн,
Түшпөй жүр катар, сабынан.

Ак сүтүн апаң эмизген,
Атанын уулу дегизген,
Ачык колдуу ар дайым,
Кем эмес пейлиң деңизден.

Аруулук жолдон айныба,
Адалдын түбү казына.
Бак-ырыс, дөөлөт жөн эле,
Ар кимдин конбойт башына.

Акыбети болсо экен,
Арнаган сага батамдын.
Казынаң дайым толсо экен,
Арбагы колдоп атаңдын.

## МАКУЛБЕК ИНИМЕ

Арчадай жашыл карыбас,
Тулпар бол дайым талыбас,
Жүз жашты басып өтө бер,
Бирок, анда да дейбиз өмүр аз...

Жаштыктан жан жок айрылбас,
Чынында, 50 жаш кайра кайрылбас...

Маанайы кооз Макулбек,
Эмесе, кут болсун куттуу 50 жаш!..

Суктантып не бир сулууну,
Сыйладың далай улууну...
Ээрчитип дагы жол башта,
Ээрчишкен артта муунду...

Үзүлбөй баштан бактыңыз,
Алдыңан тайбай тактыңыз...
Түгөнбөй турса деп тилейм,
Өзүңдөй биздин бактыбыз!..

## УУЛУ БОЛ МЕКЕНИНДИН

*(Кыргыз Республикасынын ЖК Эл өкүлдөр жыйынынын депутаты Болотбек Шерниязовго)*

Эл үчүн ишиң адал, дилиң адал,
Мезгилиң кош тизгинди колуңа алаар...
Жүзүңдөй бакырайган пейлиң таза
Узак жол али алдыда сен сыналаар...

Тирилткен «Көкбөрүнү» мырза Болот,
Байлыкты баалай билсең байлык толот.
Баштаган таза жолду улаарында,
Дей албайм тоскоолдуктар болбой койбойт.

Турмушта ызгаар, тайгак, аптап болот,
Айрымдар акыл эсти турат кордоп,
Канчалык баштан ылдый жүк басса да,
Адамдык абийиринди жүргүн коргоп...

Кээде бирде турмуш деген койсо кордоп,
Баш ийип орто жолго калба токтоп,
Жакшылык-жамандыкка чыдай билгин,
Андыктан затың Болот, атың Болот...

Жашырбай ачык айтсам, Болот иним,
Уулусуң азырынча ата энендин,
А бирок өзүңө айтаар бар тилегим:
Уулу бол мекениңдин, өз элиңдин.



## АТА ЖУРТ АЙБАНДАРДЫН МЕКЕНИ ЭМЕС

Ач көзгө, көралбаска эч кебелбес,
Ыплас, абийирсизге тебеленбес...
Ыйманды, адилетти ызалаган,
Ата журт «Айбандардын» мекени эмес!..

## БУЛ ЫРЛАР

Бул ырлар жазуу эмес шараптагы,
Бул ырлар өмүр ыйы азаптагы,
Кезинде нурду көрбөй жарыктагы.
Болсо да жаткан ырлар камактагы,
Бул ырлар ымыркайлар сапардагы...

Бул ырлар жомок эмес тээ качаңкы,
Бул ырлар көз мончоктор башаттагы,
Бул ырлар эркиндиктер азаттагы,
Туу туткан адам делип Ата журтту,
Бул ырлар Сен жана Мен катардагы,
Бул ырлар өлбөс өмүр сапардагы.

## АРНОО

Түбөлүк көңүл бураарым,
Мекендей ыйык тумарым...
Таазим деп олуяларга,
Китепти ушул арнадым...

## КОЛ ТАМГА

Ата журт болуп кубанчың,
Жүрөгүң эл деп кубансын,
Түгөтө алгыс пендезат,
Өмүрүң күндөй улансын...

Бийиктеп өсүп кол улаар,
Адам бол таза жол улаар,
Кырсыктан коргоор калк үчүн,
Ыймамга илээр бол тумар!..

Агарып аткан таң болуп,
Журт үчүн жанган шам болуп,
Жашоону улай бериңиз,
Түгөйлөш өмүр бар болуп...

## БИРОК

Ыйманын сатпай сактаган,
Айрылбайт дешет бактыдан.
Бирок... айрылбай койбос эч качан,
Падыша минген тактыдан...

## ҮЙЛӨНҮҮ ҮЛПӨТҮНӨ

Ачылып өмүр гүлүңөр,
Кут болуп үлпөт күнүңөр.
Турмуштун аккан шарынан,
Угулуп турсун үнүңөр...

Тирүүлүк коштоп балбылдап,
Төбөдө турсун күнүңөр!..
Ай менен Күндөй түбөлүк,
Түптөнө берсин түбүңөр!..
Кош канат өңдүү бөлүнбөй,
Эгиздей бирге жүрүңөр!

## ЫЙЫГЫМ — ҮРМАРАЛЫМ

Адилет карманаарым,
Күн көрөр кош жанаарым
Башталат Ата-Журтум,
Өзүңдөн Үрмаралым...
Көралбас булгаса да,
Суудай тазарамын,
Өзүнө сөз тийгизбей,
Ыйманым тазалаймын.
Бактыңды баалап алгыс,
Бактымсың өзүң жалгыз,
Экөөбүз бир аралбыз,
Жээктей ажырагыс,
Кенчимсиң түгөнбөгөн,
Дүйнөдө жан таба алгыс,
Өлсөк да кучакташып,



Экөөбүз бир жатабыз...
Ыймандуу салтка айланып,
Кийинки муундарга,
Шам болуп өчпөй жанып...
Улансам чындыктарга,
Өңдөнүп өчпөс тарых.
Өмүрдү эңсеттирген,
Үмүткө чек жок экен,
Түгөнбөс өзүң өңдүү,
Ыр болуп аксам экен...
Сагынтып эңсеттирген,
Сага мен таазим этем,
Чабылып өзүң үчүн,
Садага кетсем экен.

## ЖАЗААРДА

Жазып бүтпөй доско жазаар ырымды,
Айтып бүтпөй элиме айтаар сырымды,
Көр албаска жакпай келем майыптай,
Ырга айлантып айтсам элге чынымды.

Көп муңканып жазба дейсиң муңуңду,
Жаздың го деп өткөндө «Өмүр ыйыңды»,
Аалам кечкен «Күн кечүүсүн» улантып,
Эми жаз дейт көргөн өмүр сыйыңды.

Эгер өмүр аруу болсо апаппак,
Өмүр сыйын жазсак деле жарашат,
Шор өмүрүң өтсө шордо зар какшап,
Жалган сыйды жазмак эле кайсы акмак?

Казы-карта, чучук, жалды чайнаган,
Калпты сүйлөп, элин уурдап алдаган
Эргулдарды өчпөс кылып тарыхка,
Мен аларды «көркоолор» деп жаза алам...

Чыйырдын толгоосундай чыңалуу,
Ыр жазаарда мен күтпөгөн кызаруу
Жанды жанчып жазаарымды жазганда,
Манас кайра төрөлгөндөй кубануу...

## АТА ЖУРТ, СЕН ДЕП ТҮГӨНСӨМ

Сүйүүм сүйгөн сайын терендеген,
Жашоодо ала турган сыйлыгым сен...
Өмүрүм өткүчөктү караан болуп,
Түгөнсөм Ата Журт деп түгөнөм мен...

Кээ бирде көңүл чөгүп, муздай муздап,
Калгандай... ээнсирейм сезим муздак...
Жан дүйнөм жок издеген жолоочудай,
Калдайган Ата журтта жалгызсырайт...

Ишенбей аласы жок адал сөзгө,
Тууганың көчөт тура бузук сөзгө,
Ансайын каның кайнайт көк мээлерге,
Ансыз да араң турган мээни эзсе...

...Байлыкка башың малып жүргөн менен,
Түбүңө жетээр сенин өлүм деген...
Артында көч улаган жалгызындай,
Бар болуп көктөсө экен Ата мекен!..

Турмушта бар байлыгым түгөнбөгөн,
Өңдөнүп... сүйүүмдөй эңсеттирген...
Эрбейген караан болуп эл ичинде,
Арман жок Ата Журт деп түгөнсөм мен!
Арман жок Ата Журт деп түгөнсөң сен!

## ӨЛГӨНДӨ ДА АТА ЖУРТТАН БӨЛҮНБӨЙ

Ата журттан куулгандар болсо көп,
Ата журтун чаңгандар да болот дейт,
Шүгүр кылып келем аяп... кудай деп,
Кумурскадай араң батып мен эптеп...

Ырас, душман-чыккынчылар жок эмес,
Бузуктардын айткандары ок эмес.
Анткен менен Ата Журт барктабас,
Бирок өздөн чыкпаса экен кеңкелес...

Ата Журтта болгон болот кайгы зар,
Ата Журттан мезгилдер көп айрылаар...
Антсе дагы ыйыктыгын булгабай,
Ыйык кылган сен жана мен бурадар.



Айтпасам да жашырын сыр кайгылуу,
Күтөт бизди эртеби-кеч айрылуу.
Ата Журтка ата журттай түгөнбөс,
Болуу керек ар бир жанда сагынуу...

Ата Журтту кетпес үчүн тебелеп,
Күндө тилейм ач көз бетпак өлсө деп,
Ата Журтун чындап сүйгөн... оо адам,
Өлгөндө да Ата Журттан бөлүнбөйт...

## ЗАМАНДАШ
*(Парламентке)*

Турмуштун түбү түшүп кетсе дагы,
Эскирбес улуу муун канындагы,
Кыргыздын аруу, ыйык ата салты,
Кыргызда деген тилек улансачы,
Ар бир жан Ата Журт деп кубансачы?

Замандаш, өз ыйманың уурдабачы,
Кийинки муундарды уулабачы,
Наристе муундардын жолун тосуп,
Чөлдөгү сөксөөл өңдүү куурабачы,
Өзүңдүн ата салтың булгабачы...

Тулпарды «туякка чаап» аксатпачы,
Чындыкты чыркыратып какшатпачы,
Тулпардын «туягы алтын» сөздү унутуп,
Жыйында «эшектерди» мактабачы,
Жеп-ичкич ачкөздөрдү актабачы...

Ыйманды, ата салтты улоо үчүн,
Берели муундарга акыл күчүн,
Кийинки жашоо үчүн биз күйбөсөк,
Ким түптөйт Ата Журттун түптүүлүгүн?
Ким актайт ыйык анттай эне сүтүн?

Калысты көр дүйнөгө чөгөлөтпө,
Байлыктын бутун өөп көкөлөтпө,
Жашыктай болбос ишке жашың төкпө,
Кайгыга кабырылып муңга чөкпө,
Береке болот жерде... болбойт көктө...

## СЕН, АДАМ

Илим ачсаң Ленинче ачаарсың,
Чачаар болсоң Горбач өңдүү чачаарсың.
Бузуктардай зор өлкөнү таратып,
Эл-журтуңдан качкын өңдүү качаарсың...

Бакка консоң Брежневдей коноорсуң,
Тартип десең Андропчо болоорсуң...
Соргуч болуп көр окатты ойлосоң,
Черчилл менен Хрущевчо сороорсуң.

Сөздү курсаң Калыгулча кураарсың,
Көңүл бурсаң Сталинче бураарсың.
Раазы болбой эл-журтуңа, мансапка,
Тойбой өтүп алтын тактан кулаарсың...

Сөзгө турсаң Рузвелттей тураарсың,
Кырчу болсоң Гитлер окшоп кыраарсың,
Эл бийлигин бир бирине тукурган,
Чыккынчыдай четте күлүп тураарсың...

Аалам жарсаң Гагариндей жараарсың,
Барчу жерге Чынгызханча бараарсың,
Анда деле көзүң тойбой көр пенде,
Тезек болуп тебеленип калаарсың...

Ыйманга жол Мухаммадча ачаарсың,
Өлбөс жолду Христосчо басаарсың.
Жазып бүтпөс өмүр түтпөс жашоону,
Жазчу болсоң Айтматовдой жазаарсың

Көргөнүңө тобо дегин, адамзат,
Шүгүр кылуу тирүүлөргө жарашат.
Өлүк болуп алтын көрдө жатканча,
Тер агызып ойноп күлгүн адал, ак...

## КӨБӨЙДҮ ӨЛҮК КҮНДӨР, ӨЛҮК ТҮНДӨР

Тагдырдын таш боордугу деп айтабыз,
Турмуштун оор шарты деп какшайбыз...
Пендезат, ал-абалың айтчы десе,
«Курудук тентип калдык деп баштайбыз...



Чынында кимдер тоноп, ким тентитти...
Ким иштеп, ким гүлдөтөт келечекти...
Дегендей суроолор көп жооптор жок,
Айталбай өз баштагы кемчиликти...

Кырсыктай кутүлбөгөн өкүндүрөөр,
Узарып ачка күндөр... ооруу түндөр...
Кордолуп аруулугу тирүүлүктүн,
Калды каңгып калыстык күбөлүктөр...

«Кудайды оорубаган унутат» деп,
Өз элин ыймансыздар курутат деп,
Айтылып алмуздактан келатса да,
Жутунат нысапсыздар ыйманын жеп...

Ансыз да өмүр ыйы төгүлүүлөр,
Толкундай соттолбогон күнөөлүүлөр...
Өңдөнүп алсыз мыйзам, теңсиз бийлик,
Көбөйдү өлүк күндөр... өлүк түндөр...

## ӨМҮР

Өмүрүм мелт-калт этет чекит таппай,
Ааламга батпай турган аппак таңдай...
Негедир көз ирмесең коштошчудай,
Төгүлүп кетүүчү бир суюктуктай...

Ушундай өмүр чеги кыл кырында,
Экенин сезип туруп ок учунда,
Ирмемдик өмүрүңдү бычак миздүү...
Эй, адам, күчүн барбы токтотууга...

## О, ДҮЙНӨ

Өмүрдү соргон күнүгө,
Түбүң бир түшкүр дүнүйө...
Ааламда адамзаттардан
Жан жоктур жеткен түбүңө...

## ДААНЫШМАН СЫРЫ

*(Жусуп Баласагын арбагына)*

Көктөгү эркин куштай сабалаган,
Чындыктын бар дүйнөсүн аралагам,

Намысын Ата журттун эр сактаган,
Эл зарын кимдер айтат мен айтпасам.

Жашоонун жайнап турган жарагы көп,
Тарыхтын тамшандырган барагы төп.
Түшүнбөс адамдардай өкүндүрөт,
Турмуштун жанчып чалаар сабагы көп.

Жүргөн бар сүйүп дагы сүйө албаган,
Өз теңин өмүр бою табалбаган,
Пенде көп... болсо турмуш алсыраган,
Пенде көп көр оокатка жалдыраган.

Чындык деп актан кайра тартынбаган,
Бир кезде оттой элем жалындаган,
Дечү элем элим үчүн болом курман,
Эми мен кайберенмин жараланган...

Көргөнсүз болот тура табалаган,
Көбөйүп тууган душман көралбаган,
Ансайын актык ишти деп аруулайм,
Мен үчүн шор калбады малынбаган...

Акыл көп саман болуп сапырылган,
Сөздөр көп мөндүр болуп шатыраган...
Сөзмөр көп болгон менен бапыраган,
Адилет сөз таппайсың арасынан...

Көрүнгөн күн менен ай алкагынан,
Адам көп өңдөнүүшүп «жылдыз» учкан,
Бири да ыйманды укпай чыркыраган,
Калгансыйм эрме чөлдө мен какшыган...

Сый жерге тыйыны жок баралбасаң,
Бергениң кайра кайрып алалбасаң,
Мезгилби, ачты-токту талаштырган,
Чөнтөктүү салам албайт амандашсаң...

Көлтөйүп абийирсиз арбак урган,
Бийликти акча менен муундурган...
Алданып көр оокатка «кыргыз» тууган,
Муңканат даанышманың ыза бууган...

Сый көргөн жашы менен карысынан,
Дечү элем акыйкатчыл кыргыз адам.



Күн сайын таза ойлорго жаңыланган,
Жан элем жүрөгүмдө ой жок арам...

Айрылбас үмүт өңдүү жарык нурдан,
Адилет болсун дечүм жаштайымдан,
Кем болсом... бийлик байлык бак ырыстан,
Бата алып турсам дечүм кайыптардан...

Күнөөсүз жүрөктөрдү канаттырган,
Бийлик деп көркоолорго талаттырган...
Адамга ыйман жукпай барат улам,
Ит окшоп өз киндигин жалап турган...

Адам бар шор бийликти самап турган,
Байлык бар көр бийликти «камап» турган...
Байлыкка, бийликке да манчыркаган,
Даңгыт көп... даанышманды талап турган...

Эр болбос эли-жерин сагынбаган,
Десең... аз кир дүйнөгө малынбаган...
Өпкө көп... ата журт деп бакылдаган,
«Баатыр» бар... адал ишке батынбаган...

Замандаш, өмүр баркын баалабасаң,
Даанышман айткан сырын каалабасаң...
Олтурган «алтын »тактын кереги не,
Өкүмдар, өз элиңди багалбасаң...

Эстүү бар ак ишинди баалай турган,
Желдет бар ээрден оосоң сабай турган...
Ушуну көрмөк эле акмак дешип,
Өзүңдү ач көздөр көп талай турган...

Достор бар бардык иште таамай турган,
Зергер бар жараканы жамай турган,
Адамдын жан дүйнөсүн бириктирген,
Калыс бар элди тегиз карай турган...

Даанышман сырын айтты угаар болсоң,
Эл журттун ыйын айтты туяр болсоң,
Падыша наадан болбойт эл кордогон,
Элинди кимдер коргойт... коргобосоң...

Сыр кылып айткан сөзгө таарынбасаң...
Кечиргин орой айтып мен жаңылсам...

100196

Өкүмдар, жан сырымды эгер уксаң,
Эл баалайт адал иштен жаңылбасаң...

Кайрылбай кайран өмүр сапарынан...
Шум ажал келээрин чын капысынан...
Андыктан журт алдында кимдер айтат,
Муң зарды тирүүлүктө мен айтпасам...
Түбөлүк адалдыктан эч кайтпаган,
Даанышман батасын ал өзүнө айткан.

*Бетеге кетип бел калаар,*
*Бектер кетип эл калаар.*
*(Элдик*

## КАЙРЫЛУУ ТААЗИМИ

*(Калыгул олуянын арбагына)*

Тагдырга болбой ыраазы,
Талашкан өтүп, таш калаар,
Ай күнгө болуп наараазы,
Алышкан өтүп, иш калаар...
Бааланбай жүрүп кезинде,
Аты өчпөс ысым аз калаар,
Үзүлбөс көчтү башкараар
Падыша өтүп так калаар.
Жаңырып муун кайрадан
Жаңы көч улам башталаар...

Эси жок бийлик талкалаар,
Эси бар элди калкалаар,
Байлыгым болсо болду деп,
Көнөк баш көпкөн чалкалаар
Жашамак беле миң жылга,
Андайдан болбойт из калаар.

Нак алтын оңбой сакталаар,
Акындан өлбөс сап калаар..
Сөөгү сөпөт сөзү бар,
Акылман өлбөй барктаалаар...
Чаптаган менен кара көө,
Акыйкат түбү акталаар...



Уйгактап көнгөн такымдан,
Адашкан азбы акылдан,
Өтсө да жутуп кайгыдан,
«Эл ичи кенч» дейт акылман,
Учугун сөздүн улаган,
Олуя мындай деп айткан,
«Шимирип күндү шашылган,
Өмүр бул-учкул закымдан»...
Калыс бол минтип окурман,
Ким айтат таамай акындан.

Бий-болуш султан-даткалар,
(Куураган өңдүү арчалар)
Өтүшкөн дейсиң канчалар,
Кул болсо... бири эпейген,
Бек болуп... бири тузу кем...
Өмүрдү коштоп муң-зарлар,
Өзөктө өчпөс дарт калаар...
Байлык деп жүрүп көз тойбой,
Канчалар жерге тапталаар...

Талашкан өтүп таш калса,
Эл барда элде баш калаар,
Алышкан кетип аш калса,
Наристе өмүр башталаар..
Топон суу жүрүп кетсе да,
Адалга жол көп акталаар,
Жайнаган кырсык келсе да,
Ыймандуу элин калкалаар...

Сулуулар өтүп наз кылаар,
Нуру өчүп кайран кош жанар,
Бөлтүрүк баксаң ит болбой,
«Өзгөлөр» кетип өз калаар.
Сыйынган малды жут алып,
Аңгырап жайыт бош калаар.
Бийликке-барга сатылбас,
Ажалдан коркпос сөз калаар...

Сындырган менен күчү бар,
Камчынын сабы сапталаар.
Көп болсо бузук бурмалаар,

Тарых көп далай такталаар.
Байлыгың болсо тирүүлүк,
Тирүүгө жол бар аттанаар!..

Жашоонун чындык негизи,
Наадандык — өлүм эгизи...
«Казыдай таман» ченелбейт,
Адалдын арык семизи...
Билгенге түбү түгөнгүс,
Ак мээнет өмүр деңизи...

«Бетеге кетип бел калса»,
Пейли кенен башталаар...
«Бектер кетип эл калса»,
Эл ичи кенч да башка бар...
Садага болоор эл үчүн,
Эл уулу болсун башкараар...

Муңдууну колдоп кол улаар,
Өндөнүп өмүр уланаар...
Өмүргө болгон бой тумар,
Муундар болсун жол улаар!..

Талантка дулдул — бир булбул,
Даанышман акын Калыгул,
Арбагыңа кайрылып,
Таазим кылган кайгырып...
Бармантегин мен кургур
Жүгүнүп турган кез ушул...

## ОЙЛОРУМ — ААЛАМ, ОКЕАН

Ойлорум — чексиз кең, аалам,
Үмүтүм — соолбос океан...
Эңсеген бактым-ырысым,
Ата журт, элим болсо аман...

Болсо да ойлор чубалган,
Күндөр аз өзүм кубанган.
Адилет атуул көбөйсө,
Ата журт, элин сыйлаган...

Тагдырда мага буйруган,
Ишенем бар деп таза ыйман,



Антсе да буйруп турса дейм,
Үзүлбөс насип кудайдан...

## КӨЧ УЛАГАН МУУНДАРГА

Бардык жүрөк меникиндей согоор деп,
Жаңылыпмын... насип акка коноор деп,
Келем дале арбактарга сыйынып,
Өмүрүмдүн өксүк жери толоор деп,
Кудай барда бир калыстык болоор деп.

Болгон менен акчалууга «миң» орун,
Мендейлерге кымбат, сыйлуу жок орун,
Бирок сезем кеч болсо да мени бир,
Адил-тарых өз ордума коерун,
Тирүүмдө болбосо да бош орун...

Адам үчүн адал ыйман арттыраар,
Ата Журтка өчпөс изин калтыраар,
Көч улаган муундарга кийинки,
Жабык сырдуу олуялар, кайыптар...
Арабызда бар экенин айткым бар.

## КАЙЫПТАР АРАЛЫНДА

Баш ийип ыйман деген таразага,
Күн көрүп миллиондор арасында,
Тилеген тазалыкты адамдарга,
Кайып бар арбактардын арасында.

Шыбаа деп арылбаган арманыма,
Зар болуп кайыптардын караанына,
Жүрсөм да аруулукту булгабаска,
Кээде шектенемин ыйманыма...

Сыздаткан сай сөөктү кайып ыйын,
Пендезат, сен укпагын мен укпайын...
Сыйласаң тазалыгын кайыптардын,
Аз дебе буйруса эгер сокур тыйын...

«Иттерге» өпкө-боорду чаппоо үчүн,
Душманды, тууганларды тактоо үчүн,
Нысапсыз көңдөйлөрдү, көпкөндөрдү,
Жерге уруп баштарынан аттоо үчүн.

Шам болуп адал үчүн жангым келет,
Ыймандуу кутка окшотуп мен себелеп,
Кырсыктан Ата Журтту коргоо үчүн,
Кайыптар Аралында калгым келет...

Мээнетин ата-эненин актоо үчүн,
Эл-журтту, абийирди сатпоо үчүн,
Кайыптар Аралына көчөлүчү,
Кырсыктан Ата Журтту сактоо үчүн!

## ОЛУЯ

Өңдөнүп мекенсиз бир калган карып,
Жашоодо баарысынан жалгыз калып...
Жүрсө да... арбагы азыр ажырагыс,
Олуя жашайт элде болгон кайып.

## АТА ЖУРТТУ КОРГОШСО ДЕЙМ КАЙЫПТАР

Түшкө кирген кайыптарга сыйынып,
Жан кургуруң алкымыңа тыгылып,
Көрдүм муңду көп пендени элдеги,
Каректерден аккан жашы сызылып...

Кайыптардын кайыптыгын далилдеп,
Жазайын деп кош жанарым болот төрт.
Арам тамак, тойбосторду бүт өрттөп,
Болсочу дейим аз кайыптар элде көп.

Кайыптардын кайыптыгын далилдеп,
Берүүгө алсыз байкуш илим муңкүрөп,
Кайыбыңа, илимиңе кол шилтеп,
Элди соргон ыймансыздар күтүрөйт...

Өңдөнүшүп бийлик башы майыптар...
Кайгы-муңга барат чөгүп карыптар...
Ата Журтту ач көздөргө тонотпой,
Арбак колдоп коргошсо дейм Кайыптар!

## КАЙЫП ДУБАСЫ

Ооруу болуп алтын такта жатканча,
Ден соолук деп ыйман күтүү артыкча...



Өлүк өңдүү алтын көрдө жатканга,
Тирүүлүктүн көз ирмемин алмашпа...

Көр дүйнөнү көмүлгүчө баскыча,
Ден соолугун сугара жүр шаттыкка...
Дүйнөң түгөл... төрт тарабың кыбыла...
Болсо дагы чөгөлөй бил актыкка...

## ПАЙГАМБАРГА КАЙРЫЛУУ

*Сен тартиптүү болсоң өлкөңдө
тартип болот.*
*(Конфуций)*

Түшүнсөң түшүн пенде зат,
Эл-журтум үчүн тилек ак...
Актыкты коргоп Масакең,
Пайгамбарларга кайрылат...

Ааламга айтып таратаар,
Айтууга менде кабар бар,
Өлүмдү жутсун өлүмдөр,
Өмүрдү колдон талашаар...

Кейиген жанды кейитпей,
Жаралуу жанды кемитпей
Адилет чындык ээрчитип,
Келсе экен элге Моисей...

Өмүрдү колдоп тирилткен,
Өлүмдү кордоп кемиткен
Пайгамбар Иса кайрадан,
Кайрылса элге деп тилейм...

Ак жерден болуп жарадар,
Ак үчүн күйгөн далайлар...
Аларды колдоп келсе дейм,
Мухаммад ыйык пайгамбар.

Дүйнөгө өчпөй таралаар,
Акылман, таза адамдар...
Көбөйүп... турсун күн өңдүү,
Мухаммад... Иса пайгамбар.

## АТА ЖУТ КАЙЫПТАРГА КӨЧКҮМ КЕЛЕТ

Бузганы аз келгенсип ар улутту,
Кыргыздын ыйык салтын унутушту.
Айрымы бетти сыйрып дешип чыкты,
«Акчага сатып алам Ата Журтту»...

Боорума кыскан менен кучак жетпей,
Чөгөлөп өпкөн менен бир «ит» сезбей...
Бийлик жок, мээ эзилет, күчүм жетпей...
Ата журт, сени кордоп жүргөндөргө,

Тамырың кеткен менен тарам-тарам...
Бооруңда «бөксөлөр» көп арам-арам...
Байлыкка, бийликке да тоюнбаган,
Тоногон өзүңдү да адам... адам...

Турмуштун оордугун бир былк этпей,
Көтөрүп жүрүү үчүн күчүм жетпей...
Ата Журт кайыптарга көчкүм келет,
Өзүңдү-өзүмдү да тебелетпей...

## КЕРЕМЕТҮҮ «КИЧИ КАЛПА»

Учурда республика эле эмес, дүйнө элдериндеги ар дай уламыштарды, кызыктуу, таң калыштуу окуяларды кылышып да, жазышып да келүүдө. Айрыкча, республ быз эгемендүүлүктү алгандан бери сөз эркиндиги кене сири ичтеги катылып жүргөн сырларын эркин жаза баш падыбы? Ушул багытта менин да жан сезимиме булук са кол тийгис, өзүм ыйык деп баалаган адамдарымды чекес элге тартуулоону максат кылдым. Ырас, бул бир эски мок» эмес, бул болгон окуя, элдин көзү күбө болгон окуя төркүнү ушунда.

## КЫСКАЧА МААЛЫМАТ

Кереметтүү Кичи Калпанын тагдыры, өмүрү, жаш бул жарык дүйнөдө өтө сейрек кездешүүчү уникалдуу меттерден экендигине мен аябай таң калдым жана суктан
Элдин айтуусуна караганда жалпы эле ар кимден у маалыматтарга караганда «Кичи Калпанын» аты Турд



доке экен. Өзүнүн көзү ачыктыгы, кереметтүүлүгү жана мдүүлүгүнүн натыйжасында «Кичи Калпа» аталып, ка- элге тарап кеткендигине эл күбө.
Уруусу «Кызыл Кулак» дешет, демек, ок атар (Оготур) сунан болгон. Ал молдоке 1929-30-жылдары кайтыш он имиш, Меңдибай көрүстөнүнө коюлгандыгы да ырас он. Азыркы Маданият жамаатынын «Меңдибай» көрүс- Бакай-Ата району, Урмарал айыл өкмөтү.
Кичи Калпанын кандайча Калпа болгонун бир да жан далилдей албаган, анткени, ал эч жерде окубай Алла- кудурети аркылуу ыйык, көзү ачык адам болгон экен.

## КАЛПАНЫ КАРМОО

Анда эмесе ал ыйык адамдын айрым кереметтерин окур- арга тартуу кылалы. Ошентип, Кичи Калпа Турдукул ерендер менен кеткен бойдон келбей коет. Туугандары издетип, мергендерге кабар айттырып, таптыра албайт. ры чаян уруусунан Орозалы деген мерген да издеп чы- а Кичи Калпаны кайберендер арасынан таап, (3 күн, күзөтүп андып жатып) арандан таң үрүл-баралда, (аны арып калган кароолчу кийик да үргүлөп кеткен) экен , ошондо шамдагайлык илээ менен (чепкени менен) ба- басып калганда, (үч ирет адам бою мергенди көтөрүп рген экен) буту-колун байлап, албеттүү, ары карылуу ген көтөрүп жакшыларга (энеден туума жылаңач бой- ) алып келип, «сыйлыгын» алыптыр. Кичи Калпаны кар- нда ал мергенден өтүнүп: «Мени коё бер, не тилесең ти- нди берейин» деп суранса да таш боор мерген кое бер- ир. Бул сөздү кийин мергендин башына оор мүшкүл иш көндө гана «бекер кылган экенмин» деп, өз жакындары- айтып, ыйлаган дешет. Өз жанын өзү кыйып, дүйнөдөн ксыз өтүптүр. Анысы ал болуп, аны кармап келүүгө буй- берген «мыктылар» Иманалы, Орозалы, Назаралы деген андары, Кичи Калпаны мазактап: «Ии, кайберендериң дам берген жокпу? Бу сен, томояк, бизди элге шерменде дың го, эмне үчүн энеден туума жылаңач жүрөсүң, — деп актагып, ур-бериге алышып, ызалашып, — кийим кий- жок дегенде ак «дамбал» (ал кезде ак кийимди ызаат- кан экен) кийип жүр», — дешет.
Ошондо Турдукул-Калпа ачуусу келип: «Мен силерден им сураган жокмун, мени кыйнабагыла, тууган болсоңор бергиле мен алыска, эл көзүнө көрүнбөй кетейин» десе,

берки мыктылар болбой коюшат. Анда калпа аке Назара
дан бычагын сурап алат да өз санын оң колу менен нары
сылап туруп бычак менен үч ирет этин тилип-тилип жиб
генде, тамчы кан чыкпай, үч кабат шайы тилингенин
рүшүп, мыктылардын эстери ооп «тооба» дешип үндөш
отуруп калышат.

## АДАМГЕРЧИЛИК КАДЫР СЫЙ БОЛГОНДО

Өз мезгилиндеги Айтамга жети урууга белгилүү бол
Султан болуш, Жанадил, Жээналы, Арзымат деген бай
атайлап сүйлөшкөнсүп, Кичи Калпаны бир күндө ооз ачу
чакырышат. Адамдын көңүлүн калтырбаган Кичи Калпа
кул болот. Алды менен өзүнүн ала аяк тору кашка жак
атын минип «Алла, өзүң ыйман берегөр, үч байга бир ма
сөз бердим, ошону аткарууга кудуретиңди аяба» деп бири
«Ийри Конуштагы» Жанадил байдыкына барат. (Орозо к
күндөрү экен) Жанадил бай чолок болгон экен, ал Кичи К
паны күтүп, тамагын белендеп отурган кезде ооз ачалы
нан ооз тийүүгө кол сунганда Кичи Калпа аке кирип ба
экен. Ал жерден аябай тамактанып, байга ыраазычылы
билдирип: «Эми бай, капа болбо, мен Жээналы байга
убада кылдым эле», дейт. Анда тиги бай: «Ой жарык
Калпа аке, эми кайдан бармак элеңиз, кеч болуп кал
десе болбой аттанып кетет. Жээналы бай Долоно кыш
сунда экен, ал жерге Кичи Калпа жеткенде Жээналы
бир чыны чайды жаңы колуна алып, толук ичип бүтө
болот. Бай ыргып туруп үйгө киргизип, даяр тамакты ал
га коюп, тамакты чыктап, шалдап жеп бүтүп, анан Ка
аке: «Бай аке, уруксат болсо мен аттанайын, тиги Күм
тактагы Арзымат бай ооз ач деп чакырды эле «десе, Ж
налы бай аябай күлгөн экен. «Оо кудуретинден айланай
Калпа аке, бул баланын сөзүн айтпаңыз, кеч кирип кал
анын үстүнө Долоно, Жолчу, Тагар анан Күмүштак. Төрт
чү ашууга сиз качан жетмек элеңиз, жай жатып эртең
барсаңыз болот да» десе да болбой Кичи Калпа ыракма
айтып, байга батасын берип аттанып кетет. Ошондо Күм
тактагы Арзымат бай, өз ичинен ойлонгон экен, «бу Ка
аке калп айтчу эмес эле» деп экинчи куюлган пиялад
чайды жаңы уурттап жатканда Кичи Калпа салам айтып
рип барат. «Оо, кагылайын Калпа аке, кечирегөр, жаңы
Сиз жөнүндө ойго түштүм эле, билгендей кирип келдиң
деп колго суу куйдурган экен. Анда Кичи Калпа, Арзы



йдан кечирим сурап: «Бир пияла чай ичим, кечиктим, ка-
болбо» деп тамакка караган дешет. Мына ушундай сыр-
у ыйыктык кандай адамдын колунан келет? Бул бир өзүнчө
кереметтин кереметидир, ыйыктын ыйыгыдыр...

## КАЛПА КЕРЕМЕТИН КӨРГӨЗГӨНДӨ

Мына ушундай керемет адамды түшүнгөндөр гана тү-
үнүшпөсө көптөгөн «мыкты чыкмалар» кайра мазакташка-
на дагы бир далилди келтирели. Баягы үч мыктылардын
асы жанына батып калган Кичи Калпа өзүнүн жакшы
ргөн бир адамына Кара Кулжа, Ат Ойнок жайлоосунда
рын айтса, **(анын ысымын атаган жокпус)** тиги да, андай
йын болсоң үчөөнү тең жазала дейт. Эмне кылайын де-
«Назаралынын жанын ал, Иманалынын көзүн ал, Ороза-
нын кулагын ал» деп өтүнөт. Кичи Калпа күлүп: «Анда
сум, жүр, аттан, жакага түшөлү, эл-журтту көрөлү» дейт.
көө ашууну ашып Чийим Таш өзөнүндө келгенде Калпа аке
тан түшүп, беркиге: «Кана, даарат ал, жаназага туралы»
йт. «Эмнеге, ай талаа, узак жолдо кайдагы жаназа» деп бер-
болбойт. Ошентип, айылга кечкире келишсе, Назаралы-
түш оодара мүрзөгө коюшкан болот. Орозалы дүлөй-шал
луп адам сапатынан айрылып, Иманалынын көзү көрбөй
мселеп турбай калганын көрүшөт. Үчөөнөн тең бала кал-
й, аты-жыты жок азапта өтүшкөн экен. Мына ошондо Ки-
Калпанын анык олуя экендигин өз көздөрү менен көрү-
үптүр. Көбү Кичи Калпа Молдо акени көбүнчө томояктар
у кылып сыйлашкан экен. Кийин алиги суранган адам
чи Калпадан өтүнөт: «Кайра жандырыңыз, мен акмак бол-
м» деп, анда Калпа: «Атылган ок кайтпайт» деген экен.

Анын дагы бир жашырын сыры бар экен. Айрыкча тө-
ттөн калган келиндерди, аялдарды да көргөндө түз эле эл-
н көзүнчө басып барып (өзү чакан бойлуу кичирээк бол-
н) жакын жанаша туруп, денесине денесин тийгизип сага
кек уул, сага кыз бала бердим, деп басып кеткенде то-
з айдан кийин ошол келиндер чын эле көз жарышып той-
молокко Кичи Калпаны чакырышкандыгы кызык. Ошол
зде айылдын бир мыктысынын келинине Калпанын көзү
шөт экен. Чынында келинде бир жакшы таза сапат бар
енин көрөт. Бирок, келин төрөттөн зар какшап өтүп ба-
тканына боору ооруган Кичи Калпа келинге жанашып
акшы тилегин айтып: «Сендеги, бак-дөөлөт башка бир бу-

зук, таза эмес аялдарга өтүп кетпес үчүн батамы ал» д
келин өз бактысын көрө-сезе албай, Калпаны өтө катуу
гып койгон. Ошол келин өмүрү зар какшап, боздоп, бу
колу тырышып, төрөбөй кор болуп калган экен. Бул же
тиги келиндин бактысыз болоорун билип турган Кичи Кал
нын тунук ыйыктыгын, башка адамдын бактысы үчүн өз б
тысын бөлүп берүүнү да аябаган айкөл олуя экендигин
рөбүз. Олуя деген кандай керемет экендигин ар ким (шор
де) түшүнө бербейт тура.

## АДАМ КАЙТЫШ БОЛГОНДО

Жакшылык деген 600 боо акча, үйүр-үйүр мал менен
залыкты, ыйыктыкты алып келбестиги турмушта далилде
маселе. Демек, жакшылык жан адамга сезилбей жан дү
нүн актыгы, тазалыгы менен гана ишке ашаарын сөзе ж
сөк кана, аттиң...

Кичи Калпа жакшы көргөн адамы менен капчыга
жакага келе жатып эле: «Ээ, бечаранын жалгызын да
шатып баратканын кара, бирөөнүн малы-жаны батпай ж
са, бирөөнүн жалгызын жайлаган теңсиздик, — деп кейи
кой болбостур, бир шыбаасы болоор» деп даарат ал
катуу жол жүрүп келишсе, айылда боз үй тигилип,
чуркурап өкүрүп, жаназага даярданып жатышкан болот.
кепинделип калган майыттын (көшөгөнү ачып) үстүнө
рип, эки чай кайнам дуба кылган дешет. Кайтыш бо
жалгыздын ата-энеси, туугандары: «Бу Кичи Калпанын
не кылганы, бизди шылдыңдаганыбы», дешип үрпөңдө
калышат. Ошондо Кичи Калпа: «Кайт, кайт, мынча
дим эле, жакшы, таза адам экенсиң, ошол жакшылыгың
журтуңа, ата-энеге буйрусун», — деп чыгып кетет. К
Калпа чыгаары менен жакындары көшөгөгө баш багы
керилген кыз бала чачын сыланып, ак кийимчен жаркы
күлүп туруп келаткан болот. Эл дүргүшүп, кудайлашып,
дын ата-энеси, туугандары Кичи Калпага ыраазы б
шуп, кайра түлөө тамак өткөрүшкөн экен.

Мына, ыйыктыктын ыйыгы, тунуктун тунугу — пенде
тазалыгы өлүмдү да жеңе алат деген бүтүм келип чыгы
Кыздын атасы, Калпага ат мингизейин десе: «Жок, үч
таруу болсо болот, сүт менен актап ичип кыштан чыгып
тем» деген экен.



## ЭМИ АЛ КАЙЫПТЫН «ӨЛҮМҮНӨН» БИР ҮЗҮМ БАЯН ЭТЕЛИ

Биссимиллаураахман ррахиим!
Кичи Калпа акенин арбагы колдой көр!

Кайберендерден толук кабары бар Калпа аке өлөөрдөн
күн мурда өзү сыйлаган бир жакын мусапыр адамы Дүй-
өбайды чакыртып алып: «Эми сен эч жанга үн дебе,
н алыс кетем, сенден өтүнөөрүм — мени мүрзөгө койгон-
н кийин үч күн, үч түн бейит түбүндө күт, сенин бала-ча-
ң эмес, бүкүлү уругуң үчүн, бар ырыскы, түгөнбөс жак-
ылык калтырып кетейин» — дейт. Берки макул болот.
өөрдөн үч күн мурда арбагындан айланайын, Кичи Калпа
ди чогултуп, баягы жакшы көргөн жалгыз ала аяк күлүк
руну сойдуруп, өзүооз тийбей, бир кесим калтырбай элге
едирген экен. Өзү айткандай, кайтыш болуп, эли тиги дүй-
гө ак кепиндеп узатышат. Баягы жакын көргөн ыймандуу
үйшөбай: «Кой, ыманды жебейин Калпа олуя айтты эле, ар-
гы үчүн мүрзөгө түнөйүн» эки күн, эки түн жатат. Адам
ген алсыз эмеспизби, үчүнчү күнү чыдай албай, ар кандай
рселер көзүнө көрүнүп, калтырап-титиреп чоочуп, бир чети
ркуп үйүнө кетип калат. Ошол үчүнчү түндөн кийин (таң-
а атпай) Дүйшөбай кайра чыдабай жүгүрүп мүрзөгө бар-
, капырай, мүрзөнүн үстү оюлуп, баш батаар-батпас тешик
луп калыптыр. Сагызган изинен өйдөрөөк кар жаап салган
ен. Эмне кылаар айласын таппай узун шырык таап, бая-
тешиктен салып нары-бери оодарса, бирдеме чулганган-
йт, тартып алса ак кепин оролуп чыгат. Жүрөгү оозуна
гылып, бакырып-өкүрүп элди чогултуп кайра барышат.
ишенбей Дүйшөбайды жемеге алышып: «Ойго келбеген
ти айткан акмак, кантип эле өлгөн адам тирилип кет-
н» — дешип эсин оодарышат.

Арада Кичи Калпаны жакшы таанып, сыйлаган бир
түү адам элди топуратпай: «Ой, туугандар, эми чурулдабай
ргула, мүрзөнү тебелебегиле, аярлап карайлы, бир белги та-
лаар» деп мүрзөнүн тегерегин карашса, жаңы карда
өккөн) тайлак төөнүн гана жалгыз изи «Чийим Таш» та-
пка кеткендигин көрүшүп, кайра куран окушуп «тооба, тоо-
» дешип тарап кетишет. Баягы кепинди ар ким тумар кы-
п бөлүшүп ырымдап алышат. Ошол тумардан 92 жаштагы
рыя Осмонов Турдалы да тагындым дейт.

## ОЛУЯ ТИРИЛГЕНДЕ

Ошол эле күнү Жанболот уруусунан Саке деген жа
чыкма (бийликтеги төбөлөрдөн) көп жигиттери менен Ч
Таш ашуусун ашып келе жатып, жолдон тик кара аск
Кичи Калпа олуяны жолуктуруп калат. Салам айтса ү
бөйт, элди, ал-жайды сураса жооп жок. Бирок баягы
сойгон ала аяк, күлүк торуну минип, тайлакты ээрч
алыптыр. Оолжуган Саке бий ачуусу келип, аргымак
теминип: **«Сени тентип жүрөт дечү эле, тентитпей элиңе** (
турга) **ала кетейин»** деп жигиттери менен жабыла кууг
лат. Бийик аска, тар жол, кача турган да жол калбай к
Ошондо Саке бий жок дегенде этегин же колунан бир ка
калайын деп качырып кое берет. Бирок Калпа аке бири
жанына жолотпой, тик кара аскадан жолу жок жерден к
туп кое бергенде бирөөсү да чендебей коркуп токтоп калы
Ошондо олуя Кичи Калпа жактан: **«Мекеге кеттим, Мекег**
деп үч ирет үн жаңырганын гана баарысы угушат.

Курсагы ток төбөлдөр: «Алжыган кем акыл апенди,
лынан адашкан селсаяк неме экен, соо адам жолу жок
кадан өтүп кетчү беле» дешип шылдыңдаша баса бери
Ал Саке бий топтуу жигиттери менен азыркы Майлы
лактын (Чаттан) оозунан бир жаш өскүлөң улан-балага
лугушуп калышканда: «Ээ, жаш жигит, эл ичинде эмне
бар, кана, айтчы» дегенде: «Бүгүн үч күн болду, баягы К
Калпа аке кайтыш болду дешип атат аксакалдар», —
жигит.

Ошондо Сакенин ачуусу келип: «Бу акмакты кара
баарыбызды шылдыңдап, атагананын оозун урайынды
магыла, сабагыла, экинчи калп айтпас кылгыла» деп зөө
лөнөт. Жигиттери карап турмак беле, жаш баланы кар
шып, сабап салышат да: «Мындан кийин оттоп сүйлөбө,
ушунча адамдар эртең менен эле Кичи Калпаны өзү
алаяк күлүк торусу жана жетеленген тайлагы менен Чи
Таш ашуудан жолуктурсак бул боз баштын калп айтка
көр, бу дагы бизди алдагысы бар» дешип кыраан-катк
салышып кетишкен экен.

Табийгаттын туюк сыры, периштелердин, кайыптар
арбактардын көзгө көрүнбөс укмуш керемттерин дүйн
эч ким далилдей албай ушул кезге чейин кемтиги көп бил
илимдин алсыздыгы али далайларды азапка салаары чын
ко деп ойлондум. Менин адам катары күйүтүм да, бактым
ушул сырдуу дүйнөдө экендигин жашырбайм.



Анткени, ушул турмушта деле көзү ачык, ыйманы толук
амдар бар болууга тийиш. Бирок көбү ошо ыйык туткан
мандарга тазалыкты жеке керт баштагы пендезаттык се-
ндеги адамдык тазалык сапатын жоготуп алып, кийинки
ндарга кандай мурастарды калтырарыбызда билбей баш
ланып, ар ким өз көмөчүнө күл тартып жатканда Кичи Кал-
Турдукул олуяга окшогон түбөлүк өлбөс-өчпөс кайып
гон, таза-тунук, аздек-аруу инсандарды көбүрөөк элге
этуулаcак. Жок дегенде ушундай айкөл, ыйык, ыйман ту-
ры болгон олуя адамдардын ысымдарын тарых үчүн бол-
да жазып калтырсак арманыбыз жок эле. Менимче, бул
ам деле «пайгамбардай» эле болсо керек. Болгондо, учу-
нда мындай ыйык, таза адамдар дайым көз жаздымда ка-
п же колдоого алынбай кайра шакабаланып, ызаланып
кондуктору жана бир аяк ашка таарынган **«такыбамолдо»**
рөйлөр жанынды кашайтат. Ошон үчүн касеттүү керемет
чи Калпа олуя мындайча ой айтып: «Бийлик да, байлык да
үмдүк, бул адамдарга кайгы, күйүт, кырсыкты алып ке-
. Ал эми адамдын тазалыгы (жан дүйнөсүнүн), кеңендиги
ын ыйыктыгы бар үчүн, актык үчүн адамдар жашайт. Та-
ык бул түбөлүк түгөнбөс мүлк. Мына ошондон ажырап
лбагыла», деп үй-жайсыз, мал-жансыз, бала-бакырасыз,
элөт-сөөлөтсүз, жөнөкөй бир кайберен өңдөнүп, бир жан-
зыяны жок энеден туума бойдон жашаган экен.

Бул окуялардын көбүн мен ыраазычылыгымды билдире
рган Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу, ардагер
жаштагы Осмон уулу Турдалы жана маркум Султанбай
лу Токтоналы ж. б. көптөгөн инсандар айтып беришти. Бул
уя жаңы гана башталды. Келечекте кудай буйруса «Адыл-
к олуя», «Кичи Калпа Турдукул Олуя» Сапар олуя «Сары-
молдо» жөнүндө изилдөөлөр улантылат деген үмүттөмүн.
айым тилегимди кайыптар колдосун...

Ылайым элибизде ушундай таза, ыйык, өзүм дебей, Элим,
кеним деген көзү ачык адамдар көбөйсө экен. Таза адам-
рга таазим этүү менин бар байлыгым...

*1995*

## КАЙБЕРЕНДИ МИНГЕН КАЙЫП

Бул адам жөнүндө да көп жылдар бою толгонткон жан
йнөдөгү далай толгонуулар, карама-каршы ички салгыла-
улар мени түйшөлтүп келди. Кайып болгон абанын оор
дырын таразалап так билген адамдар арабызда калбай,

ар кимден уккан сөздөр менен иликтөө кыйынга турду. кандар да ар-ар кимден уккандарын айтышып, ойдог маалымат болбоду. Бирок чынында ал кишинин тагдыр боор ооруп изилдеген же төкпөй-чачпай жат билгендер гон эместиги өкүнүчтүү. Ал Кайып олуяны, Адылбек ав кийиктер тобун баштаган (Тоотекенин) кайберендин мүйү дө ич көйнөкчөн малдаш олтуруп бараткანын көргөндөр а дүйнөгө жол тартышкан. Бирок, аталарыбыз айтышка анча көңүл бурчу эмес элек. Мергенге баргандар, алды тоо текени аталы дешкенде мүйүзүндөгү Адылбек мол көргөнү анык болгон.

Адылбек аванын жупуну жашоосу өтө жакырчыль болгону ырас экен. Башкалардай болуп кийинип-ичинбей заңгырата үй курбай, үй-бүлө да күтпөй, туяксыз өткөн шет. Анын үстүнө ал өз өмүрүн кайберендер менен өтке нү да дүйнөлүк деңгээлдеги маанилүү жаңылыктарга тет

Биздин билишибизче кайберендерди мергендерден гоп, мергендерден мурда барып кайберендерди үркүтүп, чырып, өлүмдөн алып калчу экен. Таластын чыгыш тара нан, Колпочтон бир өтө таза эшен чыгып, түштүктөгү Ажы ажыга зыярат кылуу үчүн Үрмарал капчыгайы менен тартып баратып жолдон даарат алып жатып, алаканга сусуп жүзүн чайкаарда алакандан ушул Адылбек кайып о көрүнүп, ошондо «ажы түштүктө эмес, айлында» деген гини арбактар билдирген экен. Ошол жерден ал эшен ка кайтып, Адылбек олуянын үйүн издеп-сурамжылап айы келип, таазим кылып учурашып, кол берген экен. Чоо-жа билишип, түнөп кетүүнү ылайык көрөт. Жатаар маалда почтук эшен кысынып-кыйналат. Кете берейин десе кеч луп калат. Үстүнө үйрүп салаар, астына жайып салаар кандай төмөнчү жок болгондуктан, бир эски төшөктү «кон деп эшендин алдына жая салып берип, өзү (Адылбек кай муздак жерге жатып алат. Колпочтук эшендин жол жү келгенден го көзү илинип кетип, таңга маал ойгонуп, Кайы караса, өз көзүнө өзү ишенбейт. Анткени, кабат-кабат ак мыкта олуя Кайып мемиреп тердеп уктап жаткан экен. А кудуреттүү кереметине дагы бир жолу таазим кылып тан пай колпочтук кожо айлына узаган дешет. Мындан тышк Кара-Кулжа жайлоосунда курсагы ток мыктылар Адыл Кайыптын минген атынын жүгөнүн, ээрин жайдактап, ыза шакабалап: «Бар эми, кайберениңди минип кете бер ай га», — дешип өздөрү кымызга киришкен экен.



Ал киши эч кимисине бир ооз жаман сөз айтпай, «Пейли ге жараша уругуңардан дүлөй-дудук кетпесин» деп жөө ып кетет. Ошол эле күнү бешим намазда айылдан эрте нган бир-эки жигит алиги мыктыларга жолугушуп ал лды сурашып, кымызда олтуруп калышканда беркки мык ардын башчысы (атын атаган жокпус, себеби, алар баары уруудан болгон): «Ой, бу силер айбан Адылбекти жолдон уктурган жоксуңарбы, жөө-жалаң айдадык эле!» — деп кырышат. Анда тиги эки жигит жарыша: «Ооба, ал Мол биз айылдан чыга электе эле айылда жүргөн» дешкенде, и көпкөндөрдүн күлкүлөрү эле күбүлбөй, колдорундагы ыз куюлган идиштери түшүп кеткен экен.

Ошол Кайып — Адылбек бир топ адамдар менен жайлоо айылга (жатакка) келе жатышып, азыркы Үрмарал кап айындагы «Карагайылдын» оозуна келгенде: «Ой, бура ар, аттан түшкүлө, баягынын бечара баласы кайтыш бо ур, ушул жерден жаназага туралы», — деп даарат алып аза окуганда беркилер аң таң болушуп: «Олуя десе эле жоктоносуң, кайдагы балээни баштадың», — дешип наа ат. Ал молдоке өзү жалгыз жаназага жыгылып: «Болгу опурак салууга жетишпейбиз, бирок куран окууга жети из», — деп эле атына чап минип жол жүрүп калат. Баа ы чогуу бойдон айылга келишсе, чын эле уулу кайтыш бо табытын коюшуп, эл куран окушуп тарай баштаган экен. а ал адамдын купуя сыры, жан адам билбес жашырын ы. Ошондон кийин ал Адылбек олуяны эч ким мазактабай, ы сыйлашып калышат. Бирок айрыкча мергенчилер ал ини жек көрүшкөн дешет. Анткени, ал мергендерден мур арып, жуушап жаткан кийиктерди качырып, ажалдан арып калчу экен.

Дагы бир жолу көпчүлүк менен бир үйгө түштөнүүгө ки деп кайрылышканда, жок болбостур, бул үйдө арам та адам кайберендин этин жеп жатат деп түшпөй кетип кал экен. Беркилер молдону сынаш үчүн атайын үйгө түшүп шсө, чын эле жаңы атылган кийиктин эти казанда бышып анын көрүшүп: «Атее, Молдо болбосоң коё кал, чын эле докебиз олуя көзү ачык экен, мындан кийин аны тамаша йлы», — дешип убадалашып сөз беришкен дешет. Ал ки н мындан да укмуштуудай көзү ачыктыгын билген-көргөн болгон экен. Бирок көбү дүйнө узап кетишкендигин биз ында эскерткенбиз. Менимче, бул адам жөнүндө даректүү чыгарма жаралат деген үмүт туура болчудай. Кара-Кул кайлоосу менен Үрмарал айылынын ортосу эң тың жигит-

тер үчүн, эгер аттары мыкты болсо бир күндүк жол эк эскерте кетебиз. Анткени, ошол бир күндүк жолду бир чамасында жөө-жалаң кантип басып өттү экен деген с туура болот. Демек, ал адам кайберендер менен чогуу ж гандыгына далил.

## АДЫЛБЕК КАЙЫПТЫН АРБАГЫНА

Көзү ачыктык, олуялык-адамдык,
Сизде болгон сапат аруу-адалдык,
Дүйнөгө бир келип-кеткен кайыпсыз,
Кеч болсо да биз сыйынып калалык...

Сиз жөнүндө көп уламыш кептерди,
Уккан сайын уккум келип эңседи.
Ый угулат сыздаган бир деген үн:
«Атпагыла... атпагыла ыйык
кайберендерди»...

Менсингендин өкүмдардын, бийликтин,
Чыдай билип кордугуна көп иттин...
Көзү тирүү а дүйнөгө учкан дейт,
Үйүрлөрүн мекен кылып кийиктин...

Жөнөкөй бир карапайым ак көңүл,
Жан дүйнөңүз кең асмандай көгүлтүр...
Мусаапырдын кейпин кийген сизди чын,
Көп мергендер көзү менен көрүптүр...

Ырас, үйдө бүтүн төшөк, кийиз жок,
Айдалыга арта салаар кийим жок,
Болгон менен түн оогондо көп кабат,
Жаткан дешет ак мамыкта көңүл ток...

Жол тарткандар сыйынууга бүгүлүп,
Кочуштагы суудан сизди көрүшүп,
Олуянын жери экен деп «Үрмарал»,
Кол бөрүүгө келген дешет жүгүнүп...

Жүрөгүңдө, пейилиңде кириң жок,
Болгон менен... эптеп сизди жоготмок...
Олуялык ыйыктыкты көралбай,
Айрым акмак камчы үйрүгөн сороктоп...



Чала күйүп өчкөн өрттүн ичинде,
Күйүт тагы калган окшоп денеде,
Ыза бууган кайып сизди эстесем,
Жан далбастайт өрт кеткенсип ичиме...

Жакшылыктан үмүт үзбөй ар дайым,
Карыптарга акты тилеп күн сайын,
Өтсөңүз да ак жолуңа көө сүртүп,
Көпкөндөр көп кыйнаган дейт ансайын...

Ак таң атпай күн жолуна кеч кирсе,
Сиз өчөшпөй бир «өлүү жан» кешпирге...
Жамандыкты жанчып өтүп жашоодо,
Ант берипсиз жасабаска эч кимге...

Жан дүйнөңө кишен салган кезинде,
Каршы чыгып далай «сокур» чечимге...
Турган менен утулгандай болупсуз,
Теңдеше албай теңир берген мезгилге...

Алдын ала билип адам өлөөрүн,
Эл көзүнчө айткан дешет олуя...
Баалай албай ал кайыптын өнөрүн,
Болгону ырас турмушта бул окуя...

## ЖЕРИБИЗ КУТ ДААРЫГАН БАКАЙ-АТА

*«Акылы аккан дарыя, Бабабыз*
*Бакай карыя»*
*(«Манастан»)*

Жайкалган сакалындай аппак таза,
Баш ийген ыйман деген таразага,
Айкөлгө айкөлдүгүн аябаган,
Манасты Манас кылган Бакай Ата...

Үзүлбөй замандардан замандарга,
Буйруган элибизге ыйык бата.
Кары жаш жашап жаткан ынтымакта,
Жерибиз кут даарыган Бакай Ата...

Өрүшүң түмөндөгөн малга толуп,
Көралбас ач көздөрдүн көзү соолуп,
Кут өңдүү төрүбүздөн кетпесе экен,
Хан Манас, Кыдыр Ата бирге болуп...

Чөгөлөп тууган жердин турпагына,
Кийинки Манас ата урпагына,
Түбөлүк ак батасы тийсин үчүн,
Таазим эт... Бакай Ата арбагына!..

*1999.28.02.*

## МИЛЛИОН ЖАНА ААЛАМ

Эсепсиз аккан суудай өтөөр өмүр,
Миллион тапкан менен чөгөөр көңүл,
Бир гана бу жашоонун кумары окшойт,
Түптүү Жер, Ай менен Күн, көкө теңир...

Алладан бир жаралган пенде затым,
Өмүрүң колдо болгон бар ызаатын...
Ааламдын алкагында Ата Журттай,
Көрүү парс бар азабын, бар жыргалын...

Жашоодо кумар десек миллионду,
Уяткер журт алдында болбойбузбу...
Не дейбиз бу ааламды жаратканды,
Түбөлүк коөздукту жашоодогу.

Жашоодо кумары не өмүрлөрдүн,
Жашоодо арты барбы өлүмдөрдүн...
Миллион кереги не болбосо эгер,
Ааламдын кош кареги Ай менен Күн...

Жашоодо болсун үчүн аруу аалам,
Ыйманды мен сактасам сен сатпасаң,
Адалды мен баштасам сен качпасаң...
Пендезат, адам болсоң анан баалан...

Турганда өкүмдарлар, падышалар,
Өзөктөн душман чыгаар каршы тураар.
Анда да кооз дүйнө чексиз аалам,
Жашоону жашоого улап тамшандыраар.

Жашоо бул түшүнгөнгө жер ортосу,
Белгилүү көз ирмемге токтобосу...
Андыктан, угаар болсоң сыйлап өтөөр,
Ата Журт-жүрөгүндүн бар толтосу.



Өронгон жарык нурга Ата Журтту,
Пендезат канга боеп боздотпочу,
Баалабай Айды, Күндү, Жерди, Көктү,
Ок атып, бомба жарып онтотпочу.

Алмашып түбөлүк көч күн менен түн,
Тынымсыз көчүн улайт тирүүлүктүн...
Миллион... сени жутаар... өңдүү өлүм
Буйруган жарык дүйнө, кооз аалам,
Пендезат... бар ырысың... бак дөөлөтүң...

## АТА ЖУРТ
*(Алыкулга)*

Бирде арамга бирде адалга урунуп,
Бири кетсе бири кайра туулуп...
Мундуу экен, таттуу экен бу турмуш,
Нысапсызы нысаптуусун сугунуп...

Манас баштап намыска тик турушуп,
Көнгөн кыргыз... бардык иште таза утуп.
Элиң менен бак ырыска бөлөнүп,
Сен онтобо... мен онтоюн, Ата Журт!..

Ыймандуулар... даанышмандар суюлуп,
Алдым-жуттум ажал селдей куюлуп,
Келатса да... жалгыз башты сага арнап,
Мен тосоюн... сен тирүү бол, Ата Журт!..

Жашообуздун агымындай уюлгуп,
Кучагында келет жашап көп улут.
Өз элиңдин тагдырына туңгуюк,
Сен ыйлаба... мен ыйлайын, Ата Журт!..

## ЫР ЖАЗУУДАГЫ ТОЛГОНУУ

Картадай жайып коюп ырларымды,
Төгө албай мүдөөмдөгү сырларымды.
Олтурам бирин сызып, бирин оңдоп,
Тунжурап билбей эмне кылаарымды.

Туш болуп кээде күнгө машакаттуу,
Унутуп учурларды ырахаттуу.
Онтотот күтүлбөгөн кырсык өңдүү
Кээде тер агызган жан кыйналуу.

Кээде ичте түтөп күйбөгөн от,
Өндөнөм керексиз бир өчкөн очок.
Кээде ырларымды уурдатып,
От жанган башты мыкчып калам боздоп.

Ойлорго алп урушуп далбасалуу,
Кээде жүрөгүмдө ыр талашуу...
Кээде эч бир чебер элес албас,
Секундага чөмүлөмүн бир бактылуу.

Бутага кээде жетпей ырдын огу,
Оттогон күндөр болуп ойду-тоону.
Кээде зуулдаймын жомоктогу,
Өндөнүп Толубайдын Чаар Ак бозу.

## СЕН ГАНА ТҮБӨЛҮККӨ КАЛААРЫҢ БИЛ

Батынбайм эмнеден баштаарыма...
Батынбайм тарых чөккөн таштарыңа...
Апкаарыйм уяң мүнөз жаш балача...
Үрмарал, сен жөнүндө баштаарымда...

Кайберен үйрү менен мекендеген,
Чийим таш аскаларың тарых чийген...
Кайың тал, чер токойлуу капчыгайың,
Келгендин көөнүн буруп кетирбеген...

Сыр каткан суу түбүндө таштарың бир,
Айтууга жазууга да жеталбай тил...
Мен өтөм, өтөм көптүн бири болуп,
Сен гана түбөлүккө калаарың бил.

Үрмарал, сен жөнүндө ырга толгон,
Баянды баштай албай көп толгоном...
Алдына күнөөлүүдөй кейип келем,
Жеталбай өз чегиме бир болжогон...

## ЖАШОО ЖАРЫШЫНДА

Бу турмушта «жаманда бар, жакшы бар»,
Деп айтылат... бирок деги ким алар?..
Итке сөз жок... болбосо экен деп тилейм,
Толубайдын көзүн ойгон жакшылар...



Бу турмушта айт, айтпагын ким билсин,
Жакшы менен жамандардын белгисин...
Жыйынтыкты чыгаралбайм мен өзүм,
Бирок айтам билген ойдун негизин.

Ыйлап, жыргап өткөн менен дүйнөдөн,
Болоору чын бири сүйүп сүйбөгөн,
Бири мактап, бири каргап өтсө да,
Мен эле эмес, бу турмушта күйбөгөн...

Жакшыларда бир бет болсо уялган,
Жамандарда куйрук болбойт чубалган...
Жакшыларда чындык болсо чыдабас,
Жамандарда көп бет болот уялбас...

Бу турмушта бөксөрүлүп, түгөнүп,
Жакшысы да жаманы да баары өтүп,
Ата журттун бересесин бералбай,
Бөксө болгон өмүрлөрдө көп өксүк...

Бу турмуштун түбөлүктүк баасы жок,
Бирок бизди мээлеп турат таасын ок.
Жакшыларды жамандарга кор кылып,
А жамандар булганычтуу кордолот...

Толкунуна бу жашоонун сүрүлүп,
Өмүр сүргөн Манкурттар көп күнүмдүк.
Турмуш торун үзгөн менен жакшылар,
Тез өлүшөт өлбөс үчүн түбөлүк...

Бу турмушта өмүр экен жанчылаар,
А жакшысы үрөн болуп чачылаар.
Жамандары даң-даң этип «пок» ташып,
Өлгөндө да мүрзөсүнөн таш чыгаар...

## ЖАШОО — АРУУ ТИЛЕК

Тагдырда теңир колдоп бизге берген,
Өндөнүп жазыгы жок бир кайберен.
Көргөндө ыймандууну мен сүйүнөм,
Ар кимден алам дебей берем деген.

Турмуштун күйүтү бар ченелбеген,
Буйруган насиби бар үнөмдөлгөн.

Үйүргө жаңы кошкон айгырлардай,
Турмуштун жерлери бар килеңдеген!

Адам бар арстандай күркүрөгөн,
Андан көп аны көрсө титиреген.
Алардын бири сезбей арабызда,
Адам көп битин «аяп» битиреген.

Бирөөгө азгырылма келсе сөөлөт,
Бирөөгө конот экен ашык дөөлөт.
Бир акмак адалдыкты турса көөлөп,
Бир акмак акылдууну турат жөөлөп.

Адам көп мен баарысын «билем» деген,
Адам аз ата журтка «күйөм» деген.
Адамдар... айланайын... пенделер көп,
Акча үчүн эшекти да «сүйөм» деген...

Жашоодо улам арты түмөндөгөн,
Турмуштун азабы бар түгөнбөгөн...
Андыктан аруу тилек тилей жүрсөк,
Жашоодо түгөнбөскө өмүр деген
Уланган болсун өмүр, өмүр менен!

## ТУЛПАР

*(Т. Казаковго)*

Зор байгеге бир чабылып күйүкпөй,
Күттү тулпар... эл көзүнө көрүнбөй,
Толубайдай саяпкери жок болуп,
Көкүрөктө калды күйүт күйүттөй...

Анан тулпар сынайын деп өз күчүн,
Саяпкерсиз суутту өзүн күнү түн.
Канткен менен «жем-чөбүнөн» кем болуп,
Карыпчылык өрттөп жатты өзөгүн...

Туз чыланган тагдырына туш болуп,
Жан дүйнөсү сүрөөнчүсүз кордолуп,
Жатса дагы өчүрбөдү үмүтүн,
Тулпар эми өзүнө өзү сот болуп.

Бар өнөрүн эл үчүн деп аябай,
Күйүтүнө... намысына чыдабай,



Өзүн чапты түбөлүктүү байгеге
Калбас үчүн жан кумары тарабай.

## МУСАПЫР ЫРЫ

Керек үчүн, зарыл үчүн деп соолук,
Анан дагы болсун үчүн «ак жоолук»,
Иче берип «ичеличи» деп жүрүп,
Калдым окшойт мен оорууга окшошуп.

Жоготкондой эс учумду дал болуп,
Мен өзүмдү-өзүм сойдум онтотуп,
Эми жүрөм дубанадай ак уруп,
Ден соолукка, ак жоолукка зар болуп.

Бирөөлөрдөй кошоматтык сүйбөдүм,
Пара алууну, эл бузууну билбедим,
Бар болгону журтка тилеп жакшылык,
Анан дагы шарап болуп билгеним.

Ачуу арак, таттуу аял экөөлөп,
Кыйып салды көктөөрүмдө «көкөлөп».
Ден соолукту, ак жоолукту күтпөдүм,
Жан дүйнөмдүн жалгызындай бөпөлөп.

Шарап деген, аял деген кашайгыр,
Мендейлерге түгөнбөгөн узак ыр...
Бейкүнөөсүз эми ажырап баарынан,
Өңдөнөмүн үй-жайы жок мусаапыр.

## СЕН БАР БОЛ

Дайыма тартып чабыттан,
«Сен болдуң мени таарынткан»...
Десем да... бирок сагынбайм,
Сен бар бол мени сагынткан.

Сүйүү бул — өмүр бүркүмү,
Жашоонун эмес түркүгү.
Көрүнгөн итке «каптырбай»,
Баалай бил барксыз» сүйүүнү.

Акылга кылбай тараза,
Сезимге кылдың «чыгаша».

Түшүнсөң сага, мага да,
Үй-бүлө эмес тамаша...

Ырбатып улам күйүттү,
Ириттиң тамчы сүйүүнү...
Муңканып жүрүп өтөт бейм,
Чечилбей жүрөк түйүнү...

Мерт жеген өңдүү чабыштан,
Кайышса мейли кабыргам...
Оорудай болбой жабышкан,
Сен бар бол дайым сагынткан.

## ЧИЙИМ-ТАШ

Жээгинде Үрмаралдын.
Отурсам ойду кучактап.
Жан шерик жалгыз жарымдай,
Күн нуру мени кучактайт.

Бакытты күтүп болочок,
Чийим таш турса туу окшоп.
Жээгинде далай из калып,
Өмүрлөр акты суугa окшоп,

Аккандай көздөн тунук жаш,
Булактар ырдайт жарып таш.
Арманын айтып жаткансыйт,
Ак мөңгү кийген Чийим-Таш.

Үзүлгүс көчтү көчкө улап,
Жарышса ойноп көп булак.
Төрүндө Үрмаралымдын,
Түбөлүк кетпес кут турат!

## БОЛСУН ЖАШОО

Аппак булут үргүлөсө тээ көктө,
Көз илинип, туландуу, жаш көк чөптө.
Түшүмдө мен Жерди жатсам кучактап,
А Жер болсо мени сыга кучактайт.

Асман жарган үн угулбай аяныч,
Мен турупмун жерди кылып таяныч.
Шүгүр кылып бейпил күнгө Жер шары,
Ал да акырын турду мага таянып.



Балалыгың жер сагынып мемиреп,
Наристедей көшүп уктап мемирейт.
Эгиз өңдүү биз тынчтыкты тең сүйгөн,
Өзүм Жерге, Жер өзүмө сүйөнөт.

Жердин шары жана адамзат түбөлүк,
Кетпес үчүн түбөлүккө түгөнүп.
Кылымдарга тирүүлөргө тарыхтай,
Болсун жашоо тынчтык үчүн күбөлүк.

## АКЫЙКАТ ӨЛБӨС ҮЧҮН

Актык, сен өлбөс үчүн,
Өлсөм мен өлөйүнчү.
Ак пейил чөкпөс үчүн,
Азапка чөгөйүнчү.
Кайрымдуу ыйманы ысык,
Ыр бала төрөйүнчү.

Ак жерден ыза көрүп,
Арман-ый төгүлбөсүн.
Белгисиз өлүктөрдөй,
Чындык сен көмүлбөгүн,
Ансыз да көрдүк далай,
Кандуу жаш төгүлгөнүн.

Шурудай өмүрлөрдүн,
Билсек да төгүлөөрүн
Өлгөнчө чыркырашып,
Тытышып өтүшөөрүн...
Сөз жетпейт бут айтууга,
Айтайын кайсы бирин.

Кыры жок жумуртканын,
«Кырын тап-болсоң кыйын»
Дегендер толуп кетти,
Көрсөтүп кыйындыгын.
Жүрсө да бирок көрбөйт,
Кырчындын кыйылганын.

Акыйкат өлбөс үчүн,
Эрөөлгө чыгайынчы,
Бекер кан төкпөс үчүн,
Адамча сурайынчы,

Азапты азайтуучу,
Дүйнөнү тазартуучу,
Өлүмдөн адилеттүү,
Мухитдей кудуреттүү,
Бир «бала» тубайынчы.

## ТИЛЕК ЫРЫ

Жакшыга урулбай эч дүлөй токмок,
Кийикке тийбей өтүп мээлеген ок.
Ыйманды жалдыратып чөгөлөткөн,
Жоготсо ыймансызды кудай соттоп.

Элдин бир түгөнбөгөн бактысы үчүн,
Элдин бир эл сыйлаган жакшысы үчүн.
Кыйгандар курмандыкка өз өмүрүн,
Кудайдан тилейм кайра төрөлүшүн.

Актыкка тийбей өтүп атылган ок,
Ажалдан акыйкатты калсам коргоп,
Өрттөсөм айрым итти айыкпаган,
Оорудай курсагы бок... мээси жок.

## НООРУЗДАГЫ ОЙ-ТИЛЕК

Тынч болсо Ата конушуң,
Жылына келээр «Ноорузуң»,
Жабыла тилек тилейли,
Мекенде тынчтык болушун.

Бир болуп таза тилектер,
Биригип бирге билектер,
«Жер Эне-Ата журтум» деп,
Бир согуп турсун жүрөктөр.

Нооруз деп обон созолу,
Нооруз деп ырды кошолу,
Кут окшоп конгон Ноорузду,
Ыймандай сыйлап тосолу.

Көбөйүп ишмер коомдук,
Эл бузаар иттер соолуп,
Ээрчишип бизди жүрсө дейм,
Ден соолук менен Ак жоолук...



Көз жашка окшоп төгүлөөр,
Арманда өлбөй сүйүүлөр,
Акталып аппак үмүттөр,
Таш капсын кара ниеттер...

Эритип жанды сулуулук,
Бийиктеп ыйык улуулук,
Эл менен кошо майрамда,
Каткырып турсун Ата Журт...

## ЧЫНДЫК ДЕП КОР БОЛГОН ДОСКО
*(Кадыркул Даутовго)*

Арамдык дүйнөсүнө малынбаган,
Кезинде жалын элең жанып турган.
Эми сен арман күндөн арылбаган,
Мезгилге «жем» болупсуң арылдаган.

Башынан алыс элең жеп-ичкенден,
Мансапкор, паракорлук кеселдерден.
Бал тамган лазааттарга колуң шилтеп,
Ала жипти аттачу эмес элең.

Ачылчу гүлдөй, элең ачылбаган,
Бар-жокко баатыр элең чачылбаган.
Чачыңа ак түшүптүр мага окшоп,
Ойлопмун сен мезгилге басынбаган.

Сөздөрүң жебе болуп сайылчу эле,
Сөз баркын түшүнбөгөн «Эшек мээге»,
Намыссыз эмес элең тебеленме,
«Малым көп, акчалуумун» дегендерге.

Кезинде туягы алтын тулпар элең,
Туугандан, бийликтүүдөн кемибеген.
Жан дүйнөң деген менен терендеген,
Мага окшоп болупсуң сен кемий берген.

Далайды тамшандырып тунуктугуң,
Табылбас бу дүйнөдө сенин куну̧н.
Түбү жок тешик тура бу турмушуң...
Мен үчүн ыйыктыгың!.. улуктугуң!..

## АКТЫК ИШТЕН ЖАН АЯБА АДАМЗАТ

*(«Кассандра тамгасына»)*

Болуу үчүн журт алдында сүттөй ак,
Боло албадым жанды жанга камчылап...
Баа түшүнбөс бир акмакка кор болгон,
Аргымактай аксап келем ташыркап.

Бу дүйнөдө «улук» дешип адамзат,
Адамдыкты кордоп жерге тапташат.
Акыл-эсти жыйыштырып, ыймансыз,
Мансапкорлор «өлүк» бийлик талашат.

Уккулачы, ай, адамдар, адамдар,
Ыймансызга тирүүлүк да, жер да тар.
Ызалантып ыйык кыргыз улутун,
Манасында «Манас эмес» деген бар.

Эл бактысын, журт байлыгын арттыраар,
Кыл өмүрүн кыйындыкта зарп кылаар.
Мыктылар бар бирок элде жок эмес,
Толубайдын көзүн ойгон «жакшылар».

Улам күчөп ыймансыздык такымдап,
Топон суулар келаткансыйт жакындап...
Актык иштен жан аяба адамзат
Муундарга калсын үчүн ыйман ак.

## АКЫЙКАТ ЖАШАП ТУРСА

Көп жашап акыйкатты туйбай өтүү —
Эшекке адамдыкты тебелетүү.
Кансырап араң турган Ата Журтту,
Түздөн түз башка чаап тентиретүү.

Көз барда ак-караны көрбөй өтүү,
Актыкты көргө карай көмөлөтүү
Карыпты кан какшатып кыт-кыт күлүп,
«Бийикте» бети жоктор бар күнөөлүү...

Актыкка уят адам эрегишүү,
Ажалга ансызда адам жетеленүү.
Аз эмес, узак да эмес бирок бизге,
Бир келген өмүр болсун адилеттүү.



Паракор, кошоматчы, чайкоочулар,
Айлакер, бетпак, арсыз, алдамчылар.
Акыйкат жашап турса элибизде,
Күн болоор алар журттан жоголушаар.

## ЫЙМАН САПТАРЫ

Ар жерге конгон дыңылдап,
Курт-чымын өңдүү дыңылдак
«Кыйратып салдым баарын» деп,
Көрүнгөн жерде дыңылдайт.

«Дүнүйөм барда — мен бар» деп,
Жулунба курсак «ток» болсо.
Ыйманы бүтүн кор болбойт.
Ыйманың жебе «жок» болсо.

Кызылды көрсө кубалап,
Ыймансыз адам сугалак.
Түлкүдөй куйрук булгалап,
«Сынса» деп чындык кубанат.

Арданба, колдо жок болсо,
Менсинбе, колдо болгонго.
Дардая түшпөй тобо кыл,
Башыңа үзүм бак консо.

Адамдын дилин агарткан,
Адалдын түбү сүттөй ак.
Ыйманды көөдөй карарткан,
Арамдын түбү кара так.

## ТУРМУШ ТАСМАСЫНДА

Кээде арга таппай жан кайсалап,
Десең да ниетим ак... бир ит укпайт...
Ниетти кое туруп «пара» бер деп,
Көпкөндөр кайра сени мазакташат...

Тилектер тебеленип аппак-аппак,
Куйүттөр толкундардай сапырылат,
Ач көздөр аз таптым деп жутунушса,
Нысаптуу кезек күтүп басырылат.

Үй-бүлө, эли-журтун баарын таштап,
Айрымдар кузгундардай салпакташат,
Нысаптуу өз ыйманын жүрсө сактап,
Бир акмак чычкан албас «кушун» мактайт.

Чындыкты бу турмушта тирилтем деп,
Жаздадым өлүп кала таякты жеп,
Бир бузук, арсыз ач көз мени мээлеп,
«Башынан бул ушундай кеселман» дейт.

Байлыктын төбөсүнө чыгайын деп,
Ач чындык жетпей кайра тебеленет,
Турмуштун тасмасында чындык үчүн,
Түгөнбөс карыздардай төлөмдөр көп...

## ПЕНДЕЗАТ

Алланын атын айтып мактанбагын,
Аллага наалат айтып даттанбагын,
Болбосо ыйманында тазалыгын,
Кудайга жакпайт сенин актанганын.

Жок дебейм турмуштун көп себептери,
Кулунбуз ачык айтсам бир элдеги,
Арданба, арданбайын ансыз деле,
Жаратkан көрүп турат сени мени.

Өзүндү жакырлыкка жеткиргенге
Жалкоолук... а кудаанын күнөөсү не,
«Эмне үчүн менден өйдө жашоосу» деп,
Ак ниет иштерманды күнөөлөбө?..

Ким ыплас, кимдер ишкер экендигин,
Ким айтат «наны мол» деп бекерчинин,
Журт үчүн адал ишти жасабасаң,
Керекпи жугумсуз жөө чечендигиң...

Көмүскө жактары бар көп нерсенин,
Тарыхта түбү жок дейт «мендегендин»...
Пендезат, Сен жана Мен тилебесек,
Ким тилейт Ата Журттун эсендигин...

Бул дүйнө оомал-төкмөл, өтөөр-кетээр,
Арты ошол бу дүйнөнүн өкүндүрөөр.



Андыктан о, Пендезат, сен өкөөбүз
Байлыкбыз Ата Журтту көрктөндүрөөр!

## КПССтан СУРАБАЙ ЫР ЖАЗГАМЫН

Бийликке жетиш үчүн чабышпадым,
Байлыкты басыш үчүн жарышпадым.
Сорушма кызмат тилин табышпадым,
Дөө шаалар болуп менин алышканым...

Жашоонун бийик тутуп асабасын,
Жорудай тарп-сарп аңдып жашабадым.
Кызматтын кырк бир түрүн көрсөм дагы,
Кускуча бирөөлөрдөй ашабадым.

Жаманга жаман айтып жабышпайын,
Дегем чын өз ыйманым тазалайын...
А бирок элди соруп жашаганды,
Дегеммин кудай өзү жазаласын...

Бетпактар душман болуп чырдашаарым,
Калыстык ыйман болуп сырдашаарым
Жан билбес жан сырымды ырга айлантып,
КПССтан сурабай мен ыр жазгамын...

*1973-жыл. Август.*

## АЧ ЧЫНДЫК

Ачуу-ачуу ач чындыктан баштасам,
Жан басалек азап жолдон качпасаң.
Жыпжылаңач бакыттарга чөмүлгөн,
Көңдөйлөрдө кайгы болбойт эч качан.

Бирок алар бийлик ээси эсирген,
Ач чындыкты баса калып кемирген.
Бир да насип кыйып өтпөйт алардан,
Саман өңдүү үстү-үстүнө үйүлгөн.

Бузуктугун билдирбеске өзү эсептеп,
Жардамы жок «акыл» айткан «гений» көп.
Жарык нурду бир көрөлек көчөттөй,
Өңдөрү өчүп чындык көрсө титирейт.

Чыркырашып чындык үчүн көп инсан,
Ызаланып куу турмуштан куулган.
А... көндөйлөр кусуп жатат каткырык,
Жыпжылаңач бакыттарга жуунган.

Ачуу-ачуу ач чындыктан баштасам,
Жан көрөлек оор жолдон качпасаң.
Көндөй башта көндөй ойлор болсо да,
Оору менен кайгы болбойт эч качан.

## КҮЙҮТ ҮНҮ

Күйүткө өмүр чөмүлүп,
Жүрсөм да көп жыл чыдадым.
Түгөнүп барат, түгөнүп
Былк этпес тоодой чыдамым.

Мээге такап «кош оозуң»,
Көмүрдөн чачты агарттың.
Канныма куюп коргошун,
Жаныма күйүт тараттың.

...«айлан» деп мени таланттан,
Оорудай эзип жадаттың.
Чыгалбай «күйүт — камактан»,
Өлүмү күтөт таланттын...

...Ыйманым үчүн сүттөй ак,
Жүрсөм да... айткан сөзүң уу
Жан дүйнөм соолуп баратат,
Таңдайга жетпей тамчы суу.

Кырсыктай жанды куйкалап,
Өмүрдү күйүт куйкалайт.
Арамдан качып «көр ушак»,
Актыкка неге жабышат?

## КЕЧИККЕН БАКЫТ

Узак жыл оорудай сен болуп,
Кейиште мен болсо дал болуп,
Жатканда кайда элең түгөнгүр,
Кайрылбас убакыт кордолуп.



Жолбундай дайынсыз каңгыган,
Тирүүлөй түңүлтүп сабырдан
Өмүр аз, жол узак ан сайын,
Жүгү жок кайышат кабыргам.

Тагдырдан үзүлбөй үмүтүм,
Күткөндөй жарык таң мен күттүм.
Багыштап кээде өлүмгө,
Өзүмдү мен өзүм жүдөттүм.

Тулпардын тушунда кабылбас,
Өткөн бир өмүрдөй табылбас,
Кечигип эми сен кыйнадың,
Калганда агарып кара чач...

Жашырбайм жол узак, өмүр аз,
Ким дейсиң тагдырдан айрылбас...
Кечигүү бактымдыр бирок мен
Болоюн чындыктан жаңылбас.

## АТА ЖУРТ ҮЧҮН

Адилеттикти көп жерден,
Талашып өмүр өткөргөн.
Арманда болуп кээ бирөө,
Турмушта тепки көп көргөн.

Тик карап келген ажалга,
Чеп болуп чынчыл адамга.
Жакшылык көрбөй өткөн бар,
Ыр болуп кайлып заманга..

Жазалап кээде соттогон,
Турмуштун толбос кеми бар,
Тамшантып кайра жок болгон.
Жаштыктай таттуу жери бар.

Ажайып чырдуу турмушта,
Өмүргө болгон жол кыска.
Андыктан Ата-Журт үчүн,
Таарынуу болбойт турмушта.

Кызыгын көрбөй жарыкта,
Өттү деп өмүр жабыкпа.
Эл үчүн иштеп өткөнүң,
Калганың тирүү тарыхта.

## АТА ЖУРТ ДЕП ТОЛГОНУУ

Ата Журт музасын тыңшасаң,
Күү тура биз али укпаган.
Чалыкпас дыйкандай бир жолу,
...Күнү жок жай алып уктаган.

Ай талаа, өзөндөр, асканын
Кандайча ыр ырдап жатканын
Көтөргөн кудурет болсо анда,
Төрөрдө Ата Журт ак таңын,

Кандайча кыйналып жатканын
Билгизген кудурет болсо анда,
Жоголгон бактымды тапканым.
Жашоодо көп күн жок, бир күн бар,

Адамдын бактысын арттырар.
Ата Журт алдында көп күн бар,
Түбөлүк арманда калтырар.
Өткөн бир өмүрдү тапканың.

Ата Журт эмес нан тапканың,
Ата Журт эмес жер ат чабым.
Жашоодо көрбөсүн бир адам,
Ата Журт ый ыйлап жатканын,

Ата Журт эмес күн аптаптуу,
Ата Журт эмес шаар капкалуу.
Кор тутпай сактаган дүйнөнү,
Ата Журт бул — Адам саналуу.

Адамсыз Ата Журт, журт эмес,
Мекенсиз адамдар кур элес.
Жер шарын кош колдоп кармаган,
Бүтүмдүк бул экөө бөлүнбөс,

Биз тосуп Ата Журт ак таңын,
Наристе термелип уктасын.
Адамзат эч качан укпасын
Ата Журт ый ыйлап жатканын!



## АДАМЗАТ

Түн эмне, турмак беле түнөрүп,
Күн эмне, калмак беле түгөнүп.
Бу дүйнөдө күн менен түн эмеспиз,
Сен экөөбүз кала турган түбөлүк.

Биз өтсөк, дүйнө эмне, кемийт беле,
Биз өтсөк, дүйнө эмне, кейийт беле.
Бизсиз да дүйнө болгон, боло берер,
Дүйнө эмне, биз жоголсок карыйт беле.

Дүйнөнүн бир жак чети караңгыда,
Дүйнөнүн бир жак чети ак шоолага
Малынып жаткандыгы кимге төгүн
Адамзат бактыга да, азапка да.

Биз каалап жалаң кооз ак жарыкты,
Унутуу туура болбос караңгыны.
Бааласак алар эгиз түгөнбөгөн,
Адамга өмүр берген улам жаңы.

## АДИЛЕТ ҮНҮ

Түш өңдүү колго тийбей эңсегеним,
Тагдырга таш туш болуп кейигемин.
Өмүрүм көз жаш бойдон өтө берип,
Көп жылдар чындык үчүн эзилгемин.

Жан кечти душман чыгып өз элимен,
Туткундай куугунтук жеп ак жеринен
Кезинде өзөгүмдү бийлик өрттөп,
Кан аккан жаш ордуна карегимен.

Жашоодо бакыт таап арманыман,
Күйүтүм арбын болуп жыргалыман.
Түгөнгүс бар байлыгым болсо ырларым,
Турмушум айнек болду быркыраган.

Чындыкты коркпой айтып чыркыраган,
Бийликке жакпай келем «нымтыраган».
Билбеске таш бакадай кыбырасам,
Билгенге ак жалынмын шыркыраган.

Какшасаң каткырсаң да өтөөр өмүр,
Жамандык өлүп бүтпөс чөгөөр көңүл.
Жакшылык эл-журт үчүн наристедей,
Жашоого берээр өмүр, төгөөр өмүр.

Түш өңдүү колго тийбей эңсегеним,
Негедир өз бактыман кечигемин.
Бут тосуп мага кара санагандын,
Далайын бата берип кечиргемин.

Жүргөндөй өзүм качып өзүмөн мен,
Өзүмө кыдыр болуп көрүнөм мен...
Кээде өзүм чоочуп кетем өз түшүмөн,
Эл ыйлап, өлүм көргө көмүлөм мен...

## ЫЙМАН ЖУРТ

Сөз таппай арамдыктан бир өйдөрөөк,
Көнбөдүк ыйман үчүн бир чөгөлөп.
Жакшыдан үрөн калбай жамандар көп,
Сезимдер күйүп түтөп өзөктө өрт...

Ыймансыз ыймандууну боктоп сөгөт,
Жамандык күн тиреле барат көктөп.
Калыстык акчаларга адал болбой,
Ыймандын көз жашы агат көнөк-көнөк...

Ыймансыз көптүгүнөн ырылдаган,
Мусаапыр үнү чыгат чырылдаган.
Баткакта оонап жаткан (акылга зар)
Чочкодой бактылуу көп дырылдаган...

Деп жүрүп, «өз элимди өзүм багам»,
Кожожаш өңдөнүп мен каргыш алган,
Уулуңдун уулдары көктөш үчүн,
Ыйман журт, өзүң үчүн болом курман...

## А БИРОК

Азаттык жан дүйнө эңсеген,
Көр дүйнө ойдо жок пенде элем.
Өңдөнүп наристе сүт эмген,
Алдоону, кордоону билбегем...



«Эл журттун сообуна калгым бар,
Өңдөнүп Мухаммед пайгамбар»,
Дечү элем а бирок бийликтен,
Айыкпас болдум мен жарадар...

## АКЫНГА

Коркпогон падышанын кылычынан,
Акындын айлансам аз талантынан.
Бийликтер өтөт изсиз, бирок акын,
Дайра экен өмүр бою шаркыраган.

## БИР «ИТ»

Жамынып алып түлкү ичик,
Жамбаштап жатып күлкү «ичип».
«Жашасаң мендей жаша» деп,
Кашайтат бир «ит» күйгүзүп.

## ЖҮГҮНҮҮ

Бактылууга башым ийип жүгүнбөйм,
Бактысыздын багы жок деп түңүлбөйм.
Бактысызга бакыт берген өзү албай,
Менден таза, ыймандуурга жүгүнөм.

## ТУРМУШ КАЗАНЫНДА

Там ташты, машинаны, катындарды,
Салышты жаңыртышты, талкалашты.
Айрымы аш кылалбай «взятканы»,
Жорудай жолдо калып салпактады.

Көбөйүп мурдагыдан жапыраганы,
Айрымы кайра күчөп чалкалады.
Дөөлөтү тоголонуп тобо дебес,
Айрымы ара жандай кансырады.

Жегичтер барат арбып ооруулардай,
Баасы көтөрүлүп чигит майдай,
Нысаптуу нысапсызга талкан болуп,
Көбөйдү ууру-шумпай каргалардай.

Онтоп турам онтогон элди көрүп,
Онтоткон бир жарым эс кемди көрүп,

«Шарап төгүп, тамакты жайнатты» деп,
Жегичтерди мактайбыз көкөлөтүп.

Кейип турам кейиген элди көрүп,
Эл үстүнөн семирген «кемди» көрүп,
Ар-намысын, ыйманын тебелетип,
Жеген сайын жесем деп барат өлүп.

Элге деп ойлошпогон эл тагдырын,
Жегичтин болбойт тура келечеги.
«Частныйлар» дале четте а жегичти,
Төрөгөн зыркырады эне эмчеги.

Дагы эле ыраазы болуп насибине,
Ыймандуу дале турат кезегинде,
«Алтынга бийликке да алмашпайм», дейт
Өзүнүн ыйман деген кесибине.

Дайыма эл алдында жүзү жарык,
Болсо да окат-аштан болуп карып.
Сактайлы деп чыңырат ээ, калайык,
«Ыймандар кетелекте талкаланып...»

## УЛУТ КӨРКҮ ТИЛ МЕНЕН

Дил тунугу — тил деген,
Улуттун көркү тил менен.
Куту учуп кетээр улуттун,
Өз эне тилин билбеген.

Бак болуп конгон башыма,
Мен үчүн тилим казына.
Эми бир тилдин, эми бир,
Арман жок жетсек баркына.

Жашоодо жалгыз үмүттүм,
Актоодо элдин үмүтүн,
Ата Журт өңдүү мага ыйык,
Жан берем Эне Тил үчүн!..

## ЖАШОО ЗАКОНУ

Кум өңдүү колдон чууруган,
Өмүрдүн өзү бир арман.
Оо, дүйнө кетсе бир адам,
Жашоого келет миң адам.



Жашоонун көчү түбөлүк,
Коюуга күч жок түгөтүп.
Көчтү улоо деген жашоодо,
Турмушка кетүү түгөнүп.

Бараткан өчүп күнүндөй,
Боздогон жолбун үнүндөй,
Тирүүлүк турса чыркырап.
Үмүттө үмүт түңүлбөй.

Кемчилик менен ийгилик,
Жүрөт дейт дайым ээрчишип.
Оң жолду буруп тетири,
Күйгүзүп ийет айрым ит.

Күн сайын өлгөн күн окшоп,
Жоктогон уулун эне окшоп,
Айрылып генийлеринен,
Алп турмуш... аттиң, шолоктойт.

## АЙЫМДАР

Тамырда соккон каныбыз,
Жүрөктө каккан жаныбыз,
Өмүрдөй ыйык кайрылгыз
Кенч экен кетсе табылгыс.

Баладай ширин балыбыз,
Мөмөлөп турган шагыбыз.
Түнкүсүн түнөөр тагыбыз,
Төшөктөш сүйгөн жарыбыз.

Акыл-эс, мүчө келишсе,
Аял-өзүнчө бүткөн периште.
Өбүшө бергин а бирок,
Аялдар менен тебишпе.

Дүр-дүйнө байлык малыбыз,
Түгөнбөс түптүү багыбыз,
«Өртүнө» тендеш чыдагыс,
Айымдардын алдында,
Эркектер «байкуш» баарыбыз.

## ЖЕР ЫЙЫ

Күйүт үчүн күйүп калган өзөктөй,
Куурап калган суу жетпеген көчөттөй.
Жер титирөө тилип кетти жанымды,
Мен айрылган ата-энеден, бөбөктөй.

Сайылгандай жүрөгүнө уу жебе,
Ок кадалып калган өңдүү мээге,
Эмчегинен сүт ордуна кана агып,
Балдарым деп боздоп турду Жер Эне.

Эч күнөөсүз гүлдөргө окшош таптаза,
Көп жүрөктөн кеткенсиди жарака.
Алмуздактан чогуу келген боорундай,
Жашын төктү Көкө Теңир асманда.

Айрылгандай алп денеси экиге,
Каны күйүп кансыраган элине.
Жер өңгүрөп дегенсиди: «О, эл-журт,
Ынтымакка, ынтымакка келгиле»!

## ӨЛҮМДӨН

Өлүмдүн аты суук, өзү соргок,
Ал мерес өмүр эзме ооруга орток.
Бирок да тирүүлүктө байкоо албас,
Өлүмдөн шер төрөлгөн күндөр болот.

Адамдын өмүрлөрүн жиликтеген,
Өлүмдү таш боор дейбиз ийикпеген.
Өлүмдү каргап-шилеп жүргөн менен,
Өлүмдөн бакыт туулат билинбеген.

Түбөлүк тирүү бойдон нурун чачаар,
Даңктаган өмүр баркын өлүмдөр бар.
Манастай элдик иште керек болсо,
Өлүшүп, өлбөй калган өмүрлөр бар!

## БЕЙИТТЕГИ ЫР

Эрдимди кырча тиштеп,
Көз жаштай кан тамчылап.
Дабышсыз боздоп турдум,
Жанымды мен камчылап.



«Оо Жолон, Оо Турар» деп,
Боздобо, сен, Масалбек...
Деп мени сүйөп турду,
Анатай жай жетелеп.

(Салалбай бир ууч турпак)
Силерден көп алыстап.
Өткөн бир күндү эстедим,
Анда биз жапжаш курак.

Ичилип далай шарап,
Кошулуп арак, конъяк.
Ырларды жаадырдыңар,
Олтурдум мен жалдырап.

Жазыксыз иштен «аксап»,
Силердей салбай таскак.
Калдым мен ырас ырдан,
Силерден көп алыстап.

Акындар келме кезек,
Өзүнчө бир планет...
Экенго өңдөнүп бир
Өтүүчү тилек тилеп.

## ТАГДЫР ЖОЛУНДА

Түз куюлган тагдырыма,
Эми сен боор оорuба.
Өзүмдү каргабайын,
Ушундай жаралганга.

Генийлер ойлор кууп,
Генийден ойлор чууруйт.
Алдыда зуулдашат,
Манкурттар суурулушуп.

Эпчилдер бышыксынат,
Кымбат баа мүлкүн мактап.
Берерде көктү карап,
Алаарда бутту жалайт.

Ортого «киши» салып,
«Киттерге» майдай жагып.
Капарсыз суада жатат
Өңдөнүп жаян балык.

Чынымды жашырбасам,
Мен деле ызаланам.
Таш өңдүү чөгүп калган
Жылалбай бир ордуман.

Туз менен бардык даам,
Деген элде макал калган,
Даам эмес безгим келет,
Тузу жок тагдырлардан.

## БУ ТУРМУШТА

Бу турмушта ит окшоп үрбөгөн аз,
Түндү жойлоп бөрүдөй жүрбөгөн аз,
Тойбосторду токтотуп адал ишти,
Баштаган бар... бутуна туралбай кас, кас...

## СЫНЧЫ ЖОК

Кимиси кыйшык, кими түз,
Ыйлаган арбын... күлкүсүз...
Толубай өңдүү сынчы жок,
Түбөлүк элден үзүлгүс.

## ӨЗҮМӨ

Туш болуп бузукунун капканына,
Какталдым көралбастын аптабына,
Ыйманды калканч кылып умтуламын,
Чындыктын күйүп-өчмө ак шамына...

Ыймандуу жолдо басам деп,
Кылмыштуу ишти ачам деп,
Чындыкты элге чачам деп,
Кыл чайнайм ырды жазам деп.

## ОЛУЯГА

Наадан деген дайым төрдү талашат,
Ошон үчүн көңдөй бойдон калышат...
Ыйыктыгы пайгамбарга барабар,
Олуяга улага да жарашат...



## ТИРҮҮЛҮК

Жашоодо үмүт сага болсо тээк,
Тирүүлүк өзүң үчүн жалгыз жээк,
Дүйнөгө падышалар түркүк эмес,
Тирүүлүк тирүү келип өлүп кетет...

Турмушка такаат болбой үмүт тээк,
Аргасыз ач өлүмгө жетеленет,
Дүйнөгө ач-жылаңач ыйлап келип,
Дүйнөдөн тирүүлүгүн ыйлап кетет...

Шор пенде тирүүлүгүң тебеленбес,
Эгиздей асмандагы Ай, Күн эмес...
Тоолордой бороон, селге эч кебелбес,
Тирүүлүк... түбөлүктүү жердей эмес.

Жашоодо кар жамгырдай себеленээр,
Эмес да билсең өмүр шор пенделер...
Тирүүлүк сый-урматын баалабасаң,
Өлүктөй кара жерге тебеленээр...

Өлүмгө бар байлыгың болбос тээк,
Өмүрдү улантуу жок үрөн сээп.
Антсе да үмүттөрдөй арты үзүлбөс,
Тирүүлүк тирүүлөрдү эңсеттирет.

## СЫН

Жан берген чындык үчүн элең күлүк,
Дале сен «ошосуң го» дедиң күлүп.
Мага сен көрүндүң бир ээсиз-ээн,
Жолдогу жолбун өңдүү калган үрүп.

## ТЕҢДИК ЫРЫ

Жарымы өңдөнгөн жанымдын,
Досторго байгедей сайылдым.
Адилет иш үчүн жан кыйган,
Айрылгыс достордон айрылдым...

## ИНСАН

Алалбас өчүн ажалдан,
Адам, сен, кийик камалган.
Өмүр деп өлүп жашоодо,
Кайрылгыс канча кан аккан.

Көпүрө эмес өткөн күн,
Ал уурусу кызыл өмүрдүн.
Айланбай артка адам сен,
Төгүлөөр кезде төгүлгүн.

Арбаса бетпак таш боорлор,
Жоголбос жолдор жоголоор.
Адам, сен болсоң адамдай,
Тогошпос жолдор тогошоор.

Көп болот дүйнө шарында,
Кызыккан адам затына.
Аз болот аттиң, аз болот,
Арзыган адам атына.

Бир өтсө кайра жаралгыс,
Ар бири жанган ар жылдыз.
Болсоң бол инсан дээр элем,
Шекспир, Пушкин же Чыңгыз.



# Турмуштук арноо каалоо

## БЕЛЕГИМ

Турмушта тегиз болду телегейим,
Дей албайм... бирок калаар бар белегим...
Канымда ыйманыма жуурулушкан,
Али көп өз элиме берелегим...

## КЫЛЫМГА ТЕТЕ БИР КҮН
*(Ч. Айтматовго)*

Кылымга созулган күн жашоодогу,
Таамайлап түшүнгөнгө өлбөс өмүр.
Дүйнөгө тынчтык үчүн жар чакырып,
Өтпөсөң анда өмүрүң өчкөн көмүр.

Кылымга тете болгон бир күндө биз,
Ой менен өлүп кайра тирилебиз.
Кээде кадыр туткан ирмем болот,
Кылымда бир жолу да берилгисиз.

Кылымга тете болгон бир күндө биз,
Мүмкүндүр жолго аттануу кайра келгис.
Кылымды карытуучу көз ирмемде,
Иш бүтөөр акыл-эске ченелгисиз.

Турмушта акыл эске ченелгисиз,
Болсоң бол революция айтып бүткүс.
Кетсең кет жору түшкөн тарп өңдөнүп,
Калгыча бу дүйнөдө эч белгисиз.

## АК МЕЧИТ ИМАМЫ
*(Сатылган Молдого)*

Молдо десе молдосуз,
Акылга ченеп болжогус.
Гений десе генийсиз,
Айрыкча ыйык пендесиз.

Молдоке ысмы Сатылган,
Жаралган тунук акылдан.
Тилеген элге адалдык,
Ардагы журттун бул адам.

Өндөнүп жанган бир ак шам.
Алланы сүйгөн асыл жан,
Ток пейил көрсөң ар качан,
Ак мечит ээси Сатылган.

Алса да сизден көп «кешик»,
Ушактаар арсыз «аз» дешип,
Жаңыртып турсун түбөлүк,
Алланын сөзүн Ак мечит...

## ТҮШ КӨРГӨН КӨЛ

*(Алыкулга)*

Ай турду окшоп жарты нан,
Атаарда аппак жайкы таң.
Терметип көлдү өпсө жел,
Өндөнөт жылдыз өчөөр шам...

Ирмелип карек көшүлө,
Ак куулар түнөп төшүнө...
Үргүлөп жатты Ысык-Көл
Алыкул кирип түшүнө...

Көл бойлоп ирең-барандан,
Жээкте келет бир караан...
Миңбай чал тура жол күткөн,
Түңүлбөй жалгыз уулунан...

Миңгени толкун ак буурул,
Дагы бир баатыр кайсы бул...
Деп турса карап таң болуп,
Өзү экен улуу Алыкул!..

Ак куудай көлдө калкыган
Ай батып... аппак атты таң...
Көл чочуп кетип ойгонуп,
Айрылып калды акындан...

Миңбайдай күткөн зарыгып,
Жалпы эли күтөт сагынып...
Түш көргөн көлдүн боюна,
Эстелик калса э... салынып!...



## АЛЫКУЛДУН МОНОЛОГУ

Кош, өмүр, апа да жок ата да жок,
Үй-бүлө, аял да жок, бала да жок.
Өлүмгө мен жутулуп баратсам да.
Тик карайм, жалтаңдабайм муунум бошоп.

Басылып катмарына ызалардын,
Ындыным өчүп, кээде муздайт каным.
Кээде багын ачып адалдыктын,
Көп ирет арамдыкты жалдыраттым.

Сүйүнүп адам деген өз атыма,
Арданбайм оору болуп калганыма.
Бир гана күйүп барам уялуудан,
Аз болуп бергендерим Ата Журтка.

Күнөөсүз жакшылыктан кемиттирип,
Көптөрдү жүргүчөктү кейиттирип.
Ата Журт бала ордуна сени жыттап.
Өтөйүн өзүң үчүн үрөн төгүп.

Манастай ата журтка мен эркелеп,
Жүрүүгө мүмкүн мага жоктур себеп.
Таарынбай, жөн да жатпай тыңшап жатам,
Ата Журт өзүңдү мен жүрөгүм деп!

Сен мени бирөөлөрдөй өлдү дебе,
Тирүүмүн өзүн өңдүү Ата Журтум.
Даңкы жок уулуң үчүн кайгы жебе.
Кызматын өтөй берем Ата Журттун!

## СЫЙЛАП КЕЛЕМ

Жакшылыктын баарын айтып бүтө албай,
Жакшылыктан алыс качып кеталбай.
Туура сөздү туура айтам деп дайыма,
Жолдо келем жакшылыкка жеталбай...

Бардык иштен жакшылыкты табам деп,
Арамдыкты балта менен чабам деп,
Сапарымда өзүмдү-өзүм эзгилейм,
Адамдарга актык шамын жагам деп...

Айнек болуп быркыранып көңүлү,
Коркунучта акыйкатын өмүрү.
Бийиктесе «мафиялар» бийлиги,
Жакшылыктын арбып барат өлүмү...

Мен ошентип өлө жыргап дос менен,
Жанталашам өлө жаздап кас менен,
Бирок урбай эси жокту таш менен,
Сыйлап келем ыйман деген аш менен...

## ӨМҮР КЕРЭЭЗИ

*(Молдо Кылыч арбагына)*

Жан кыйбас жандай өз элим менен,
Коштошоор мезгил келди бир белем.
Тагдырдын татаар буюрган тузу,
Мен үчүн эми кемиген экен...

Өмүрдүн өзү билгенге, кем, кем,
Боёктой начар өңү өчөт экен,
Жашоодо «жыргап» өтөбүз деген,
Желге учаар жалган кургак сөз экен.

Көрдүм мен көптү өз көзүм менен,
Алсыздын нанын азгырып жеген,
Бирөөгө нан-туз көрүнсө бакыт,
Бирөөдө үйдөй үйүлөт килем...

Турмуштун жолу тунгуюк экен,
Адамдай ууру өмүрдү жеген.
Акчалуу айрым бийликте жеңип,
Ак ниет адам жеңилет экен...

Бир жалгыз башта бир өлүм деген,
Анчейин эмес, далил сөз экен.
Антсе да «тирүү» ажал жок экен,
Ажалдын «башы» адамдар экен...

Жашоодо жашоо өмүргө берээр,
Бабаны улап чөбөрө келээр,
Турмуштан алаар энчисин албай,
Арманда болуп алар да өтөөр...



Өчөшкөн ажал өмүрдү күтпөй,
Өлүмдөн коркпос өмүрлөр бүтпөй,
Ажалды өмүр өмүрдү өлүм...
Күн менен түндөй куушуп өтөөр...

Берерин журтка берүүгө жетпей,
Өңдөнөт окшойт куураган чөптөй...
Ажалдан өткөн акмак көп экен,
Сөөккө кетээр алынбас кектей...

## ЖЭЭК ЫРЫ

Кир таман көрө албастар тебелесе,
Жээк, сен, ээсиз таштай калдың катып,
Сендейден канча өмүрлөр түбөлүккө,
Калышкан карек катып жалдырашып.

Бирок бол тирүүлүктүн кыл чокусу,
Сени мен күрөшкүн деп жар чакырбайм...
Өңдөнүп кыйшайган бир кыз топусу,
Болсоң бол бирок бер деп жалдырабайм...

Каректер бирин-бири көрбөгөндөй,
Жээктер бирин-бири көрө алышпай,
Тагдырда тартыла элек төлгөлөрдөй,
Адамдан тынч жашашат «так» талашпай...

Төлгөдөй түшпөй калган тагдырына,
Көптөрдөн жээк калып куружалак...
Жээктей жетим калган намысыңа,
Чыдабай «безгиң» келет кызыталак...

## НАРИСТЕЛЕРГЕ

Наристе бетпактыктан алыс, алыс,
Жашаган бөлөк дүйнө ал кайберен.
Жашаган күн көзүндө жылдыздарсыз,
Дүйнөсү закондоргоченелбеген.

Наристе келечекте болуучу ата,
Кийинки доорлорго жана турган.
Баш ийбес капага да, батага да,
Тагдыры Ата Журттун тазаланган.

Калсынчы жеңилген бир душмандардай,
Ызалык, кордук, күйүт тепсендиде.
Жоголуп унут калган армандардай,
Кең дүйнө жуурулушсун наристеге.

Алдыда кармашуучу чөгөлөшүп,
Силерди күтөт күндөр тирелишер.
Баладай Ата Журтту эркелетип,
Утушта болгулачы, наристелер.

## ЕСЕНИНДИ ЭСКЕРҮҮ

Айтылуу акын Сергей Есенин С. Петербургдагы манкананын биринде кош кареги оюлуп, кулак-мурду лип, колу буту сындырылып, мыкаачылык-көралбастык өлтүрүлгөндүгүн теле баяндан көрүп каным күйдү. Ак «Мени өлтүргөн менен сүйүүнү өлтүрө албайсың» деп тарын көзү ачыктык менен жазган экен. Акын ар ушул ырымды багыштадым.

Эскирбес акын Есенин,
Эстесем күйүп кетемин,
Эскерип жазган бул ырым,
Эстелик сага дегеним.

Сүйүүдөн ырды кураган,
Ырларың сүйүү улаган,
«Өлбөйт деп сүйүү эч качан»,
Ырларың сүйүү улаган.
Сүйүү деп өзү сулаган...

Соолткон бал-бал карегиң.
Эл билди... кимдер экенин.
Ырларың турат тамшантып,
Кем беле бактың же сенин...

Кол-бутуң бүктөп сындырган,
Чөп окшоп алар кууралган...
Алардан из жок... а сенин
Ырларың түпсүз океан...

Сындырган менен сыздатып,
Көралбас «иттер» сулатып,



Өзүңдөй болуп ырларың.
Сүйүүнү келет улантып.

Сүйүүнүн өлбөс экенин,
Далилдеп кеткен экенсиң...
Билгенге сенин сүйүүңдөй,
Ырларың тирүү Есенин!

## АКЫНГА КАТ

Кайдасың калыс акыным,
Жаныма шерик жакыным.
Адашкан жолгон мен окшоп.
Кеттиң го чыкпай дайының.

Дайынсыз болуп ишимен,
Күйүттү тартып ичимен,
Жарадар булбул өңдөнүп,
Үн созбой ырдап келем мен.

Кызматы «бийик» адамдар,
Айтканын алар аткарар.
Сен өңдүүлөр ак сүйлөп,
Сезимде өчкүс так калар.

Акыным, сага эркелеп,
Кайыр кош дебейм эртелеп.
Алдыда кезигишүү бар,
Жарык нур бизден кете элек.

## ОМАР ХАЯМГА УЧУРАШУУ

Ассалоом алейкум, Омар Хаям,
Алик алып угуп тур салам айтам.
Жолугуунун шарты экен кана эмесе,
Тарталычы куюлган бул шараптан.

Кылымдар артта самсып калган менен,
Ырларын ажырабай калың элден.
Дагы эле биз көрүшүп келатабыз,
Бокалды кагыштырып бокал менен.

Сен анда шарап менен ыр шаңгытып,
Өткөрсөң өмүрүңдү каткырттырып.
Келатам ырды жаттап закускага
Кешикти сенден калган мен шыңгытып.

Сүйүүгө бизди азгырган дары болуп,
Кетет деп шарап жыттуу келесоолук
Антсе да мен сүйүүнү сооротом деп,
Омоке! Калам кээде өзүм ооруп.

## ШЕЙШЕНБЕКТИН АРБАГЫНА

Жүрөгүң Ата Журт деп жараланган,
Көзүңдөн оттор таамп, оттор жанган.
...Эркиндик, бакыт үчүн өксүп өттүң,
Баласыз ата сымал ыза бууган.

Кубаттуу болгон менен акыл-эске,
Жок элең өзү келчү «кең насипке»,
Жеринен жек көрчү элең жүгүнүүнү,
Жеңчү элең күчтүүлөрдү билектешсе.

Бар эле эч ким жеткис жөнөкөйлүк,
Бар эле жүрөгүңдө үмүт көптүк.
Жашоодо турмушуңда өттүң жылбай,
Ташындай тегирмендин тегеренип.

Суу калып ыры бүтпөй шаркыраган,
Күн калып сен ээрчиткен жаркыраган.
Бир жан жок сага кекчил... ал гана эмес,
Ай калды жашын төгүп жалдыраган.

Өңдөнүп ачарчылык сагалаган,
Көп болуп көрө албастык шыкаалаган.
Өлүмгө өмүрдү аттап өтө бердиң,
Өч алып калуу үчүн азаптардан.

Каардуу акыйкатты көрө билдиң,
Аз жашап элге көптү бере билдиң.
Элиңе эркиндикти жеңип берип,
Түбөлүк жанган оттой кала бердиң.



Канчага өмүрүңдүн ченелгенин,
Сезбестен жалаң эл деп иштегенсиң.
Өз элиң эркиндикте мына бүгүн,
Ишке ашып аппак, аппак тилектериң.

## БЕЛГИСИЗ АКЫНГА
*(Тургунбай Эргешовго)*

Таңдайда мээриң барчылап,
Тилинден балың тамчылайт.
Ырларың менен ыр болуп,
Эриген турам тамчылап.

Байкасам баалап жакшылап,
Өтүптүр сенден «жаш» убак.
Жоктогон өңдүү ыр ээсин,
Ырыңдан муңдуу ый чыгат.

Дүкөндө жатып көп убак,
Китептей өтпөс жалдырап.
Калбасын сездим чыгармаң,
Өңдөнүп «өлгөн жалбырак»...

Тамшантып жүрөк эритээр,
Жыйнагың чыкпай кечигээр.
Буйруган сендик насиптен,
Чындыкчыл ырың кемитээр.

Чак келбей тулпар тең келээр,
Жар чыкпай сүйүп эркелээр.
Тирүүндө бөздоп өлгөн соң
Ырыңа кончу бак келээр.

Издеген жолду апаппак,
Ырыңдан чындык тамчылайт.
Ырыңа кошо мен ыйлап,
Көз жашым кетти тамчылап.

## ДӨБӨДӨГҮ АЛП
*(Жийдебай балбанга)*

Ал кезде эч дүйнө жок капарында,
Оролуп жаштык менен каткырыкка.
Ойногон ошол жигит көз алдыма

Мына эми эстеликтей тартылууда.
Оюнда картаюу жок ошол жигит,
Таякчан очорулуп дөңдө олтурат
Көңүлүн төшөп коюп жакшылыкка.

Кармоого мууну жок кол калчылдап,
Дөбөдө эстеликтей ал олтурат.
Баягы эл суктанган бийиктигин —
Кыз сүйгөн, сүйүүгө мас жаш мезгилин
Далайдын каректерин чимирилткен,
Бир кезде жалын бүркөн жигиттигин,
Эскерип сезбей өзүн ыйлап турат.

Жоголуп сымбаттуулук, көркөмдүүлүк,
Темир бол, мезгилдерге бүкүрөйүп,
Аттиңай, жаштык кетип карылыктын
Торунда туткун өңдүү кишенделип,
Турса да, бирок жалгыз кызыл жүрөк,
Көөдөндө өчпөс оттой жанат, күйөт.

Жатса да алп өмүрлөр ыргытылып,
Токтолбой күндөр суудай шаркырашат.
Толкундуу ошол күндүн арасынан,
Таштарын тегирмендин чарк айланткан,
Өткөнкү жаш жигиттик кезин карап,
Кылымдын барагындай мага тааныш,
Тоо жүрөк баягы алп дале олтурат.

**ӨМҮР**

Өмүрүм мелт калт этет чекит таппай,
Ааламга батпай турган аппак таңдай,
Негедир көз ирмесең коштошчудай,
Төгүлүп кетүүчү бир суюктуктай...

**ЖАН ДОСКО**

*(Калычбектин арбагына)*

Бүгүн жок көргөн кечээ күн,
Билсек да өмүр өтөөрүн
Барк албай жүргөн жан экем,
Жан досум жалп деп өчөөрүң...
Өзүңдү жоктоп өзүмчө
Мен дагы кээде «көчөмүн»...



Калп эмес эле өсөөрүң,
Куш элең болот төкөөрүң...
Жакшы ким десе айылда,
Бирөөсү элең экөөнүн...
Сыздатып комуз черткенде,
Сыймыгы элең көчөнүн...

...Гүл ачпай жазда көктөмүм,
Көңүлүм толбой бөлсөмүн...
Шыйпаңдап жүрчү жаныңда,
Иттердин көрүп «өскөнүн»,
Ан сайын сен деп өксөдүм, —
Ким билмек көңүл чөккөнүн...

Душманды достой кадырлап,
Көп эле сенин күткөнүң...
Жүздөн көп жолдош күтсөм да,
Сендей дос бирок күтпөдүм...

Эзилтип комуз черткениң,
Элестеп эстен кетпедиң...
Жыл өткөн сайын жабыркап...
Жансыздап сени эстеймин...
Мен үчүн болуп эстелик,
Өлгөнчө жандос эстесиң...

Таңшытып комуз чертчү элең,
Тамаша куруп берчү элең.
Өзгөнү жатым дебеген,
Өзгөчө айкөл жан элең...

Башка бар өлүм келмеги,
Башка эле сапат сендеги.
Кайгырган менен кантели,
Кайгынын баары кеч эми,

Ыйманды издеп элдеги,
Кайталап айтып келмени...
Арбагың сыйлап муңканган,
Арман ыр ушул мендеги...

Сен элең чыдык тос ээси,
Сен жүргөн жагым бош эми...
Айталбай «тосту» мен жалгыз,
Арманда жүрөм, кош эми...

## БААЛАЙ БИЛ

Бактыга башы малынган,
Мезгилин сезбей көп адам,
Өткөрүп анан өкүнөт,
Айрылган кезде бактыдан...

Ыйманын сатпай сактаган,
Айрылбайт дешет бактыдан...
Бирок, айрылбай койбойт эч качан,
«Падыша түшпөс тактыдан»...

## КААЛОО

*(Роза Амановага)*

Кыргызга төбөң көрүнүп,
Кулуктөй топтон бөлүнүп,
Жагымдуу жазгы нөшөрдөй,
Ырларың турсун төгүлүп...
Таланттан таап бактыңды,
Ырларга жүргүн чөмүлүп...
Жолуңду тоспой жоголсун,
Көралбас көргө көмүлүп.

Айчүрөк болуп көрүнүп,
Колоң чач артка өрүлүп,
Өзүңдөй көрктүү өзгөчө,
Обонуң турсун төгүлүп...
Жылдыздай жанган пешенең,
Сүйүүгө жүрсүн өбүлүп...

Ойлорго чөкпөй бүдөмүк,
Калбасын ырың түгөнүп...
Ырларда калсын өмүрүң,
Мекендей та түбөлүк...

## ТИЛЕГИМДЕЙ АК ЖОЛТОЙ БОЛ

Бийикте бийик жолдуу Чөңөр ашуу,
Бул ырым болгон пейил аздек-аруу,
Жол жүргөн бардык тирүү пенделерге,
Аман-эсен болсо деп тилек айтуу.



Жасаган жөп жөнөкөй жумушчу кол,
Бар элди тирүүлүккө ээрчиткен жол.
Түбөлүк кылымдарды аркалашып,
Өзүңдөн өткөндөргө ак жолтой бол...

Али да бизден кийин көп ырдалаар,
Ашуунун айтып бүткүс сырлары бар...
Жол калып... көч улаган улуулардай,
Өмүрлөр эсеби жок артта калаар...

Андыктан бүтүп жаткан Чөңөр ашуу,
Бул ырым болсун сага учурашуу
Илгертен ыйык жолго аттанаарда,
Салт болгон бата берип, батаны алуу.

Алдыда турмуш-жашоо ашуусу мол,
Адамдын өмүрү ырас, бүтпөгөн жол.
Антсе да, менин жалгыз тилегимдей,
Өзүңдөн өткөндөргө «АКЖОЛТОЙ» бол.

## АДИЛЕТКЕ

Оюмду кошуп ойуңа.
Бак тилеп өмүр жолуңа.
Ак жолтой байге болоюн,
Каалаган Адилет, сенин тоюңа.

Чындыкты коргоп көкөлөп,
Ыймансыздарды чөгөлөт...
Тарыхты улап, Адилет,
Төбөңө күндү тегерет...

Дилимди төшөп дилиңе,
Үнүмдү кошуп үнүңө
Батасын берет Масакең,
Кут консун үчүн күнүгө.

Саясат менен алышкан,
Дөө-шаарлар менен чабышкан.
Адамдын туусу Адилет
Чыркырап чындык талашкан.

Таланттууну бөпөлөп,
Таланттын кушун көкөлөт...
Паракорлор өңдөнүп,
Мансапка калба чөгөлөп.

Жамандык жерге жанчылып,
Алыстап сенден азгырып
Жыл сайын жаңы үн менен
Жасай бер элге жакшылык.

## ТААЗИМ

*(Эстебес уулу Оморго)*

Сыздап турам эстеликтин түбүндө,
Баргым келбей сүрөт калган үйүнө.
Аруу сезим аздек элең түшүнбөйм,
Кандай бетпак жетти экен деп түбүнө.

Канча көп жыл өтсө дагы арадан,
Негедир мен арбагыңа кайрылам.
Болсо болоор кайгы-шорго малынган,
Бирок аздыр мендей эңсеп сагынган.

Айрым акмак ушактаса чыдагыс,
Эл-журтум деп чапкыладың үй-жайсыз.
Жакшыларды жалп эттире жайлаган,
Өмүр тура... атылган ок кайрылгыс.

Жан дүйнөң бир акагындай акактын,
Бийиги элең адам деген сапаттын.
Мээнет билбес жегичтерди жек көрүп,
Чындык издеп чындыкка өзүң кашайттың...

Тирүүлүктө жашоо болуп мен үчүн,
Мен өлгөнчө тураар деймин нак сүйүүм.
Тамшандырып... ызаалантып түгөнбөс,
Канымда али кайнап келет күйүтүм.

Турат эсте тумарындай өмүрдүн,
«Адамсың» деп керээз айткан бир сөзүң.
«Акмактарга теңелбе» деп жалынсам,
«Андайларды тазалайм» деп өчөштүң.



## ӨМҮРЛӨРҮ КҮЙГӨН ОКТУН УЧУНДА

*(чекист Рысбек Орозбековго)*

Жанды кармап жалаң бычак мизине,
Даяр туруп көнгөн бардык учурга...
Көңүл бурсак чекисттердин ишине,
Өмүрлөрү күйгөн октун учунда...

Кордолгондор, тонолгондор жана да,
Калып калса канча өлүктөр талаада...
Жаманчылык башка түшсө үйрөндүк,
«Бергиле деп кабар милицияга»...

Кез келгенде бычак мизи... учкан ок...
Далбастайбыз, милицияга корголоп...
Азем тойдо, үлпөттөрдө көөнүл ток,
Унутулуп милиция эсте жок...

Кез болсок да катаал турмуш учурга...
Зарыл тура темир тартип учурда...
Жаңын такап муздак канжар мизине,
Өмүрлөрү күйгөн октун учунда...

## КАСИЕТТҮҮ КӨЛГӨ УУ ЖУКПАЙТ

Урматтуу окурман!

Кыргыз журтчулугунун кареги өңдөнгөн Ысык-Көл жөнүндөгү «учурма» кабарларды окуп кабыргам кайышты, чынын айтсак, Ысык-Көл ууланса да, булганса да, биз үчүн таза бойдон калат. Анткени, аны чанууга-танууга акыбыз жок. Керек болсо таза «Көлгө» «жаман уу» жукпайт деп айтууга батынамын.

## ЫСЫК-КӨЛ, ЖЕТИМ ЭМЕССИҢ

Алдырып ачуу кайгыга,
Салбайлы үркүн жалпыга,
Ысык-Көл барда биз барбыз,
Кайышса мейли кабырга.

«Сабырдуу жетээр муратка»,
Дегенди жан боор унутпа...
Учуруп ушак утпайбыз,
Уттуруп намыс, уятка...

Сыркоого дары себепсиң,
«Уулансаң» деле керексиң...
Кареги журттун, Ысык-Көл,
Эл барда жетим эмессиң...

Ата журт барда түп түгөл,
Жашоо бар күндөй... күн көрөр...
Кыл чайнаар Кыргыз эл үчүн,
Уу жукпас мөөрсүң Ысык-Көл...

## ӨМҮР БАРКЫ

«Сулууга суктансаң да жете албайсың»,
Бир сууну эки жолу кече албайсың...
Деген сөз чындык тура аттиң, пенде,
Тирүүндө... өмүр баркын биле албайсың...

## ШОРДУУ ЖАН

Каректе көз жаш толо төгүлө албай,
Зээниңди кейнтет бир арман буул...
Чымын жан тегеренет жан соогалай,
Жүрөктүн үшүн алган ажал кууп...

Шордуу жан, кайда качып бармак элең,
Өмүрүң какшып калган арал болсо,
Турмушту муундурган танмак белең,
«Пара албас» чын ажалың адал болсо...

## КАЛЫС КААЛОО

Дили таза, ниети ак карыбасын,
Акыйкаттык ак жолдон жаңылбасын.
Иштен ишке мезгилдей алгаласын,
Ак жүрөктөр ээрчитип «командасын»...

Дили кайыр, ниети пас жарыбасын,
Жакшылыкты көралбас кордо калсын,
Улам иштен куулуп саландасын,
Ээрчитишип алар да «командасын»...



## БИР КЕЗДЕ

Бюрого акылдашпай ыр жазгамын,
«Чөнтөксүз» карыптарга сырдашкамын.
Жан кечти, жеп-ичкенге каяша айтып,
Чыркырап чындык үчүн чырдашкамын.

## ЖАМЫРАП ТУРСУН

Чындыкты басып муунткан,
Азайып ач көз жутунган...
Боору бир элди чаңыткан,
Арылсын журтум бузуктан...
Жамырап турсун жамырап,
Жазгы бир көктөй жакшы адам...

## ЫЙМАНСЫЗДАР

Ызалуу шагы сынган көңүлүмдөй,
Изи жок өтүп кеткен өмүрүмдөй,
Жүрөктү шуу дегизет ыймансыздар
Тойбогон ач өлүмдүн түгөйүндөй.

## ДЕП ЖҮРҮП

Тирүүлүк өмүрүмө көктөм десем,
Кайрылгыз жаштык кездей өктөм экен.
Деп жүрүп бар дүйнөмдү элге берем,
Үмүтүм өрткө айланып кетпесе экен...

## ДАЛБАСА

Көздөрүң ак караны көралбаса,
Жүрөгүң адал арам сезе албаса...
Эл үчүн деген «ураан» оозундагы,
Көр пенде куру желдүү далбаса да.

## АРСЫЗ

Чындыкты угуу керек чычалабай,
Түтөбөй чала күйгөн чычаладай,
Чындыкты чындык десең арсыз урган,
Өнөрүң баштайт дайым **«чычаламай».**

## ЧАГЫЛГАН

Жаналбай учурунда жылдыз болуп,
Калалбай көл теңирде ташып толуп,
Өмүрү чорт жарылып тез коштошуп,
Алалбай өз энчисин кетти толук...

## СЕН АДАМ

Териң төк бел оорутуп кол жоорутуп,
Тер агыз, мээ чарчатып, жүрөк ооруп,
Сен адам тебеленген талаадагы,
Өндөнүп жатып алба «кочколдурук»...

## БАА

Кур дүрмөтүү ала өпкө тойсо «түтөп»,
Сылаң короз сырты кооз тойдо күчөп,
Жатып ичээр жанбакты дайым жүдөп,
Төрт мезгилди баалаган ишкер адам,
Кара жанын карч уруп күндө күчөйт.

## АШЫКЧА ДӨӨЛӨТ

Нысапсызга консо ашыкча дөөлөт,
Азгырып кетет азгырма сөөлөт,
Мыйзамды кордоп чындыкты көөлөп,
Көр дүйнө кесир... жакшыны жөөлөйт.

## БИЙИКТИК

Бийиктик жалаң эле тоолордо эмес,
Кайберен көк жалама зоолордо эмес,
Күлкү шат шарап жуткан тойлордо эмес.
Бийиктик сен да жетпес, мен да жетпес,
Билгенге ыйман ыйык колдон келбес.

## ЖАШООДО

Жашоодо пенде жок тура айыпсыз
Жашоодо пенде көп «ооруу» айыккыс...
Түшүнө билсек шор пенде,
Биз, адам, жашоого келген кайыппыз...



## КӨПКӨН

Жер шары менен күн шарын,
Кош колдоп кармап тургансып,
Чыгыш-батыш багытын,
Бир нукка жалгыз бургансып.

## ТИЛЕК

Жок болуп соттошуулар,
Түгөнүп бут тосуулар,
Көбөйүп баш кошуулар,
Улансын достошуулар.

* * *

Кыргызың кыргыз эмес ала тоосуз
Ала Тоо бийик эмес аска зоосуз,
Жок болуп жоготуулар... орду толгус,
Жылына өмүр улап келсин Нооруз!..

## КЫРГЫЗЫМ

Ала Тоо жерим... Ак калпак элим,
Барында бактым кемибес менин...
Канымда кагып, жүрөктө соккон,
Кыргызым менин, сенин да элиң.

## АТУУЛГА

Өндөнүп элге даңгыр жол,
Жакшылык сепкен жамгыр бол...
Жан бакты болбой жан үрөп,
Мекениң үчүн камбыл бол...

## КУУ ЧИРЕНГЕ

Кайталап кур сайрабай кур какшыкты,
Баалай жүр мөмө берээр гүлзар бакты,
Дилиңди-тилиңди да ууга чылап,
Сөксөөлдөй өзүңдү-өзүң кууратпачы...

## СЫНЧЫГА

Кашкайган чындык айтчу элең,
Бетпакты бетке чапчу элең...
Кыл чайнаар мезгил болсо да
Кырк миздүү сөздү тапчу элең.

## БООРУ ТАШ ТИЛИ ТАТТУУ

Туура өтпөй кээде аттуу баштуулардын,
Алдынан аябайм деп «малы-жанын»...
Билгизбей балга чылап ууну кошкон,
«Боору таш» дешет тили таттуулардын...

Көнбө деп тилине өтө таттуулардын,
Бар эле улуулардан уккандарым...
Анда мен элес албай шордуу жаным,
Башынан бетке чабаар бар айыбым...

## КӨРАЛБАС ТУУГАНГА

Сыйымды түшүнбөсөң тирүүндө,
Угуп ал айтаар сөз бар бир өзүңө...
Ушактап жүрүп өтүп мени өлгүчө,
Жакшы деп айтпагын сен мен өлгөндө...

Көңүл бур, тууган, дагы бир сөзүмө,
Кеч болоор жоктогонум сен өлгөндө.
Бирикпей ач душмандай тирүүбүздө,
Жатаарбыз тууган делип бир дөбөдө.

Унутпа, тентигенсиң кезегинде,
Ит окшоп сөөк таппай кемиргенге...
Шор тууган, талтактайсың эми неге,
Согумдай аталага семиргенге.

Кыргызда сөз бар эстүү алсаң эске,
«Дешпе» дейт күнөөсү жок «дешпегенге»...
Эл үчүн канча шыбаа болоор дейсиң,
Мал окшоп сен өзгөчө семиргенде...

«Дурус» деп бир айталбай тирүүмдө,
Өкүрүп тураарсың сен көр түбүндө.



«Шумкарым-тулпарым» деп чөкө түшпө,
Сүйүнчү бербейт сага мен өлгөндө...

Баасыз... эл билбеген сенделген бир,
Ажалга... мен деле бир... сен деле бир...
Чочкодой ыпластыкка оонап көнгөн,
Сезимиң мынча неге өтө эле кир...

Көралбас бузук болуп тирүүндө,
Жүргөнүң тете кылаар сени өлгөнгө...
Туугандык ыйыктыкты көралбасаң,
Сендейдин кереги не көбөйгөндө...

Сатылып колтук ачпай көрүнгөнгө,
Окшошпой тирүүбүздө өлүктөргө.
Эл айтаар кимибиздин ким экенин,
Шор тууган, сен өлгөндө, мен өлгөндө...
Кембагал мендейлерди төрөсө да,
Энелер сендейлерди төрөбөсө...

## ТҮРКӨЙГӨ КАТ

Билдирип тирүү кабарын,
Саптарга кошуп кан жанын.
Түшүнсөң, түркөй, жибердим,
Саламын Омар Хаямдын...

Байлык жок менде чириген,
Бийлик жок көктү тиреген.
Берээрим өмүр көз ирмем,
Кайберен акын мээринен.

Тийбестир мүмкүн керегим,
Татымсыз чыгаар белегим,
...Ыймандын татып ширесин,
Сендейден кешик жебейин.

«Жут дебейм кыйнап шарапты,
«Өп» дебейм сойку жалапты.
Көр бойдон өтпөй көмүлүп,
Баалай жүр элдик талантты.

Падыша хандан эсепсиз,
Өткөнү чындык... десек биз.
Бир жан жок тирүү Хаямдай,
Дүйнөдөн кеткен кезексиз.

Адамдар үчүн жаралган,
Үзүлбөс ыры замандан.
Ырлары боздоп... өзү жок,
Бу кешик Омар Хаямдан.

Сурабай туруп ал жайым,
Дебегин мени «жайладын».
Болгону сага арнаган,
Саламы Омар Хаямдын...

## ЖАШ ТЕҢИНЕН АЙРЫЛГАН ЖУБАЙГА

*(Элкан, Жыпар, Алиймага)*

Жоготуп жалгыз түгөйүң,
Муң калды сенде тарабас.
Тал болдуң үнсүз мажүрүм,
Өңдөнүп өйдө карабас.

Жыл окшоп жылда келүүчү,
Эми жок сага кайрылуу,
Күн окшоп күндө кемүүчү,
Алдыда дагы айрылуу...

Өлүмдөн өчүн ала албай,
Өкүттө калга мусапыр,
Өңдөнүп калдың муңга бай,
Өзүңө болуп өзүң ыр.

Күйгүздү күйүт денеңди,
Күн окшоп жайкы бир ачуу.
Өңдөндүң жалгыз көлдөгү,
Өнөксүз калган бир ак куу...

Булактай тынбай көз жашың,
Көр турмуш далай жазалаар.
Кайрылбай кайран шумкарың,
Жалгыздык жанды балталаар.

Жаш жанга жеңил эместир,
Тагдырга мындай туш болуу.
Бак басып өзү келбестир,
Бактыңдыр мүмкүн уттуруу...

Бой жетсе уул-кыздарың,
Ал конгону туурга шумкарың...
А балким аяш көрөөрбүз,
Ажалды өмүр утканын.



## АЗАЙСЫН САПАРДАГЫ АРМАНЫҢАР

Оорукана... дүлөй түн менен табытта,
Жаткандай жатам жалгыз палатада.
Онтоткон ооруунну айдап жоготууга,
Кайталап ийне саят медсестра.

Жалооруй карап өчкөн кабагыма,
Жуткуруп дарыларды тамагыма,
Боорумдай көз жаш ирмейт баш жагымда,
Күзөттө уйкусуз жаш медсестра...

Ниети, ак пейли таза халаттан да,
Энедей мээрим төгүп оорууларга,
Иштеген отуз жылдап больницада,
Наамы жок врачтар бар арабызда.

Жашырбай эл алдында чын айтканда,
Тобо деш барга-жокко парс экен да,
Өмүр деп, ден соолук деп жан үрөгөн,
Менден бир таазим таза врачтарга.

Не дейин окшош эмес... оо, врачтар,
Бар болуп биз тилеген ден соолуктар,
Азайып сапардагы арманыңар —
Кут болсун жылда тосчу майрамыңар!

## АРАЛАШ ТОСТ

Эгиздей эки жаш үчүн,
Кошулган эки баш үчүн.
Махабат толгон наз үчүн,
Каректен акпас жаш үчүн...

Чийилген керме каш үчүн,
Чачы жок бир тал таз үчүн.
Кастарын тиккен кас үчүн,
Ыйманы бүтүн аз үчүн.

Табылган бекер аш үчүн,
Ыплас жандим пас үчүн.
Тойбогон сормо саз үчүн,
Таш бойдон өтөөр таш үчүн.

Союлган сансыз кой үчүн,
Самсыган күндө той үчүн.
Суктанткан сулуу бой үчүн,
Сасыган арам ой үчүн,

Кири жок аппак кар үчүн,
Кир толо пейли тар үчүн.
Жароокер билги жар үчүн,
Олуя элде бар үчүн.

Акчага келген барк үчүн,
Сойкулар алган «даңк» үчүн.
Өлтүрө бир тост алалы,
Өзөктө күйүт дарт үчүн.

Мээнеттүү бүтпөс шор үчүн,
Элдеги күйүт кор үчүн.
Элди соргон «зор» үчүн,
Турмушта туюк тор үчүн.

Ырларга толгон сап үчүн,
Курсактай болгон кап үчүн,
Эсеби даана так үчүн,
Сүйүү деп өлгөн кат үчүн.

Коргогон журтун алп үчүн,
Кыйноодо калган калк үчүн.
Ыйманын жеген калп үчүн,
Кыйноого алган шарт үчүн.

Чөкпөгөн сууга кит үчүн,
Жугунду жуткан ит үчүн.
Сатылбас тосту алалы,
Сатсаң өтпөс бит үчүн.

Ыйлаган шордуу көз үчүн,
Адамдан кымбат бөз үчүн.
Көөдөнү көңдөй төш үчүн,
Адилет өлгөн сөз үчүн.

Ак ниет пейли шар үчүн,
Туяксыз өткөн зар үчүн.
Армандуу тосту алалы,
Айрымда ыйман бар үчүн.



Удан бүткөн бал үчүн,
Кыйылган жалгыз тал үчүн.
Сулууга бүткөн кал үчүн,
Өлөөрү калган чал үчүн.

Ойноткон «оттуу» суу үчүн,
Өмүрдү жуткан уу үчүн.
Аралаш ызы-чуу үчүн,
Түлкүдөй өлгүр куу үчүн.

Өмүрдө бүтпөс иш үчүн,
Чайнаган ташты тиш үчүн.
Жана бир тосту алалы,
Жамырап жүргөн биз үчүн.

Шамалга учкан чаң үчүн,
Камгактай жеңил шаң үчүн.
Суу чанач закон заң үчүн,
Ак шоола чачкан таң үчүн.

Душманда калган кек үчүн,
Бузулган ата тек үчүн.
Эптеген элди бек үчүн,
Бир урсаң кулаар чеп үчүн.

Канында калаар салт үчүн,
Калкыңа берээр ант үчүн,
Элиңден алаар барк үчүн,
Жайнаган тосту алалы
Жоорулар жеген тарп үчүн.

Жолобос журтка жут үчүн,
Ыйманды ыйык тут үчүн,
Токтотпой тосту алалы,
Түндүктөн түшөөр кут үчүн...

Ниети таза ак үчүн,
Денибиз дайым сак үчүн,
Падыша коноор так үчүн,
Бакыйган тосту алалы,
Баштарга коноор бак үчүн.

Алдыда турган аш үчүн,
Буйруган бизге жаш үчүн.
Ит ичпес тосту алалы,
Иштеген «иттей» баш үчүн.

Эл-журт деп өлгөн эр үчүн,
Төгүлгөн адал тер үчүн,
Баарысы баткан жер үчүн,
Тамчысын койбой алалы,
Кийинки калаар эл үчүн...

Таланттын тайбас мизи үчүн,
Чындыктын өлбөс изи үчүн,
Апаппак бойдон алалы,
Адалдын адал иши үчүн...

Ак нурду кийген күн үчүн,
Караны кийген түн үчүн,
Чаласы калса айткыла,
Алалы... дагы ким үчүн?..

Какчайган мүртөс суз үчүн,
Асманда эркин куш үчүн,
Акыркы тосту алалы
Ата-Журт, ак Нан, Туз үчүн...

## КЫЗМАТТАШКА

Турмуш өзү жазылбаган драма,
Автору жок, актёру көп курама.
Ишенбесең сурап көргүн сен элден
Мендейлерден сурабасаң сураба.

«Бактысызсың шоруң көп» деп урушпа,
Кептин баары эмес жалаң утушта.
Бактымдыр ал сезимсиздер сезбеген
Көтөрүлбөй жүргөндүгүм жумушка.

Кезек күтпөс турмуш жөнүн көп көрүп,
Жамандыктын көп кезегин өткөрүп,
Жакшылыктын «очереди» жолукпай,
Келем жолдо мен койгуттай өкчөлүп.

Адалдыкты адал иште аныктайт,
Дешет бирок бүтө албадык аныктап.
Андыктан биз кызмат үчүн жан урбай,
Ыйман үчүн ыр жазалы сүттөй ак.



## БАЛА

*(Бостон уулуна)*

Кош оозду маңдайына мээлесең да,
Гүл өңдүү бажырайып күлүмсүрөп
Шамшарды тамагына такасаң да,
Кош мизин кармап алып бала күлөт.

Чакырса «ит болсо да» келе берген,
Быйтыйган манжаларын сунуп алып.
Былдырап өөп коет көркөө деген,
Кадимки карышкырга кучакташып.

Бомбаңды, кыяматты сезмек беле,
Дүйнөнүн түбү түшүп баратканын.
Чорбосун бир чорбойтуп керек десе,
Башына шорголотот падышанын.

Ымыркай кызыл эт бир ыңаалаган,
Эр жетип канкор болбой адам сойгон.
Калганда болмок экен, аттиң арман...
Адамдар бу турмушта бала бойдон,
Дүйнөсү адамдардын бала бойдон.

## ӨТҮНҮЧ

Жакшыны жаманды да териштирип,
Билбеген бир акмактын балын ичпе.
Акылман ууну берсе тарт шимирип,
Кордолбой куурай өңдүү кээ бир итке.

Тирүүдөн бул жалганда дүнүйөгө,
Эч качан тойгон көздөр болгон эмес.
Күн кармап жашасаң да тирүүлөргө,
Эч качан өмүр болбойт тебеленбес.

Жакшы адам жашоого бир келген сыйлык,
Сыйлыкты сыйлай билүү элге сыймык.
Жакшыны жайлап салуу түшүнгөнгө,
Кетпес шор элге түшөр катаал кырсык.

Өмүрлөр өмүрлөргө жетеленип,
Саргайаар сагынычтар муңга батып,
Адамдар адамдарга тебеленип,
Өмүрлөр жерге айланаар көрдө жатып.

Булгабай адалдыкты бир иттерче,
Өмүрдү үйрөн гүлгө айландырып.
Какшатып күнөөсүздү бал жегиче,
Чындыктай шарап жутуп өткөн артык.

## ЛЕРМОНТОВГО

Табигатта жан сезелек эң ыйык,
Сенин ырың ак куулардын ыйындай,
Түшүнгөнгө дүйнө керек ажайып,
Түшүнбөскө дүйнө сокур тыйындай...

Сулуулуктун дүйнөсүнөн бир үзүм,
Талант чылап берген тагдыр табылгыс,
Бирок көрбөй талантыңдын үзүрүн,
Болдуң кайып карт дүйнөгө кайрылгыс.

Сенин ырың тирүүлүгү дүйнөнүн,
Арманыңдай таамп калган тыйылбас,
Бириктирген таланттардын дүйнөсүн,
Поэзияда чынар болдуң кыйылбас...

Түшүнгөндөр сен деп дале онтошот,
Көрбөдү деп аз өмүрдүн жыргалын,
Сени жуткан «мергенчинин» өзү жок,
Сени жоктойт ок тийбеген ырларың...

## АЖАЛГА

Мен деле бир пендемин келип кетээр,
Же мендей дүйнө жоктур кемип кетээр...
Шашпа, ажал, менин ырым сени жеңээр,
Өңдөнүп көз жарышкан наристелер.

Талашпайм болбосоң да кудай сымал,
Акыры сен түбүмө жетээриң бар.
Сен мени жуткан менен, жуткан менен
Ырларым өлбөй сени жалдыратаар.

Чындыкты түшүнгөндө эч талашпас,
Чынында менден ката кетээри ырас.
Антсе да аяп турам жетим ырдай,
Душманым болсоң дагы көз карашпас.



Адамга ажал болуп калганыңа,
Таш өңдүү өлбөгөнгө сен арданба.
Баарысын жута берип бирок каңгып,
Бактым бар сендей болуп калбаганга...

## МАГА КЫЙЫН

Ырыс толгон тирүүлүктөн коштошуп,
Мага оор адам өлүп кайгыруу,
Кош дей албай нурлуу көздөр жумулуп,
Мага жакпайт жарык күндөн айрылуу...

Калтыраймын терлер агып мупмуздак,
Үймөлөнүп көөдөнүмө кайгыруу,
Жазданарың, жамынарың топурак,
Болгон кезде эмес бекен кайгылуу...

Уюй түшөт окуядай кайгылуу,
Жүлүндө да, канымда да кайгыруу...
Себеби бул-бакыт кечкен катарлаш,
Кимге жаксын досторуңдан айрылуу...

Максат эмес өз алдыма коюлган,
Мен өзүмдү өлбөс калып калтыруу,
Антсе дагы өмүрлөрдөн кол үзүп,
Мага кыйын жарык күндөн айрылуу.

## БАЙДЫКЕМЕ
### ТҮГӨНБӨС ПОЭЗИЯСЫҢ

Ыр дүйнөң жанды жашартып,
Талантың көз жаш куюлган,
Ичет дейт жанды кашайтып,
Көралбай көрдөй кээ бир жан...

Таланттуу дүйнө дайым жаш,
Табыла бербес ар кимге.
Былжырай берсин көралбас,
Байронсуң баалай билгенге.

Менсинген айрым акындар,
Шараптай сизге бир ичим,
Өбүшкөн жалаң булуттар,
Ала Тоо өңдүү бийиксиң...

Айтканым айткан биринчи,
Жакпаса койсун айрымга,
Алыкулдан кийинки,
Өзүңсүң акын, Байдылда...

Алдыра койбос арманга,
Майда акын эмес ириксиң,
60 ашып калсаң да,
Айымдар үчүн жигитсиң.

Жел жетпес жорго жүрүшүң,
Эл баалар элдик баласың.
Түгөнбөс кыргыз журт үчүн,
Түгөнбөс поэзиясың!

## ТАМШАНТЫП ЫРДАЙ ШАР АККАН

Буйруган кары жашына,
Кыргызга бүткөн казына
Кут кошуп куйган ырларга,
Жан боорум, байкем, Байдылда.

Деп айтып: «Иним кайгырба»,
Мингизип тору айгырга,
Суусадың деп суу берип,
Оозанткан байкем Байдылда...

Окшошпой эски калбырга,
Окшошуп жазгы жамгырга,
Ыр төрөп күндө ырлары,
Папабыз дешет Байдылда...

«Ичет деп байкең Байдылдаң»,
Куйкамды курушturбасаң.
Кешигин Омар Хайямдын
Ичпеген тирүү жок адам...

Өңдөнүп Мидин, Райкан,
Тамшантып ырдай шар аккан
Не жетсин жакшыр жазаарда,
Кылт этип койсоң шараптан...

Борбору элдик санаттын,
Бир уулу болуп Таластын.
Бар болуп Бакем жүрсө экен
Арбагы колдоп Манастын!



## КЫРГЫЗДА СЕНСИҢ ЕСЕНИН

Таманга таптап нечени,
Таңдайга чаап чечени.
Бал тилдүү булбул Байдыкем,
Кыргызда сенсиң Есенин...

Мууну кеткен мусаапыр,
Өндөнүп жүрдүң далай жыл,
Арактын «жеми» турбайбы,
Талантың деген кашайгыр.

Таш бараң акын Байдылда,
Туш келип татаал тагдырга...
Үйүрүн издеп боздойт дейт,
Окшошуп ак жал айгырга...

## АТА ЖУРТ

Бар тилек өзүң үчүн деген менен,
Эңсеген өз чегиме жетпей келем...
Айрылып калган өңдүү өзүңдөн мен,
Ата Журт, карызым көп, кечиргин сен...

## КҮМБӨЗДӨ

Сезимге кылымдар төгүлүп,
Кабыргам кеткендей сөгүлүп
Жалдырайм ишенбей көзүмө,
Шер Манас күмбөздөн көрүнүп.

Бар тилек эл үчүн жакшылык,
Жасоого душманды жашырып,
Калың кол найзалар карса карс,
Онтоолор, ызы-чуу, бакырык...

Жаш Манас кайрадан туулуп,
Аккула жер чапчыйт жулунуп,
Буркурап Саякбай, Сагынбай,
Көз жаштар эпостой куюлуп...

Мени бир чөгөрүп улуулук,
Өткөндү сезимден чуурутуп
Олтурам күмбөздө шолоктоп,
Өзүмдү жок өңдүү унутуп...

## ҮЙҮРЛҮҮ МАРАЛ

Киндик аккан тамган бир арал,
Тууган жер өзүң Үрмарал.
Канымда сага катылуу,
Жазылып бүтпөс ырым бар.
Өңдөнүп эгиз таанымал,
Суу ичкен сенден Ак марал.

Тынчтыктын аппапак күнүндөй,
Сууларың агат өмүрдөй.
Ар тамчың жүрөк каныма,
Кан болуп кирет билинбей,
Келесиң бойлоп кылымды,
Жашоонун кызыл жибиндей...

Журт кезип кеткен эр сымал,
Белгисиз болгон Ак марал,
Кайрылып келди жаз өңдүү,
Сагынып сени Үрмарал...
Эңсеген эли журтуна,
Тынчтыкты тилейт Ак марал...

## БООРУМА

Сыйынган ыйык теңирдей,
Көрүнүп бирде көрүнбөй,
Жан боорум, жаным, садага ай,
Өмүр-сууң турсун түгөнбөй...

Бараткан сымал жан чыгып,
Оозуңдан барат кан чыгып,
Өзүңдөй болуп чыдабай,
Күйүткө турдум жанчылып.

Олтурам сага боорум ай,
Өз жаным сууруп суналбай...
Жеңилип келем ажалга ай,
Эңишип ээрден алалбай.

Эзилип кээде жүрөгүм,
Сен үчүн өзүм жүдөдүм,
Кабылдың кантип кырсыкка ай,
Ак сүттөй эле жүрөгүң...



Ооруну жеңип экөөлөп,
Берсек деййм тойду түгөйлөп,
Көралбас көзү соолсун,
Жакшыга жашоо түгөнбөйт.

## АКЫН ӨЛГӨНДӨ
*(Алыкулга)*

Өчүп калган күн окшоп,
Ак шооланы басты түн,
Шаркырап акан суу токтоп,
Кулактар дүлөй, укпай үн,
Ак жаан болуп басылбай,
Боздоду ырлар күнү-түн...

Какшатты эзип сай сөөктү,
Баласыз калган атадай,
Ыр ыйы өзөк өрттөдү,
Томолой жетим баладай,
Боорундай жоктоп өксөдү,
Дегенсип сыздап «боорум ай».

Алыска качып ак жарык,
Каректер соолуп түбөлүк,
Өңдөнүп изсиз жел кайык.
Эч кимге кылбай оор жүк.
Дүйнөнү таштап ыр аккан,
Ыры өлбөс акын калды өлүп...

Өмүрдүн жиби үзүлүп,
Өзөктө күйүт үшкүрүк.
Арманда кеткен акынга,
Улуду ажал ич күйүп...
Соорото албай ажалды,
Эчкирип турдум үшкүрүп...

## КАРЕКТЕГИ ҮН

*(Орто Азия боюнча укук илиминин алгачкы доктору Кубанычбек Нурбековго)*

Каректен дабыш чыкпай,
Муунат сезим жылбай,
Муңканат жүрөк сыздап,

Армандуу элдик ырдай.
Аялуу ый угулат,
Өлбөс бир музыкадай.

Өмүрдү узарталбай,
Кош жаңар айыптуудай.
Жээктей барат какшып,
Жараты айыкпастай,
Энедей улам жашыйт,
Уулун узаткандай...

Өмүрдү өлүм соруп,
Үзүлгөн гүлдөй болуп,
Ажалдан өч алалбай.
Каректер барат соолуп...
Ок жеген ак куулардай,
Кайтуу жок кайра толук...

Арманын бир кайталап,
Айтсамчы аттаганат,
Каректен көз жаш акпай,
Кызыл нур тамчы тамат...
Айтылгыс кумарлардай,
Өмүр ай, тамшандырат, тамшандырат...

Ажалдан албай кекти,
Көралбай жерди-көктү...
Кан толгон кайран карек,
Үн катпай үнсүз өчтү...
Тирүүгө парс издемек,
Тарыхтай өткөн көчтү...

## НЕГЕДИР ИЧ ЭЗИЛИП ТУРАМ КҮЙҮП

*(илимдин алгачкы доктору*
*Кулан Рысалиевге)*

Өмүрдө мындан мурда жолукпаган,
Бир ишке күн түшкөндөй кейип турам,
Айрылып ыйык көргөн жан апамдай,
Бир келген ырыскыман кемип турам.

Сыздатып жан дүйнөмдү булундуруп,
Негедир ич эзилип турам күйүп,
Марага жетээринде, ок жаңылып,
Кеткендей кайран күлүк мурт үзүлүп.



Өмүрдө мурда мага жолукпаган,
Арманга күн түшкөндөй күйүп турам,
Өмүргө ач чеңгелин сунуп улам,
Четинен жакшыларды жутуп турган,
Ажалды кармап аттиң, бир муунтсам...

## ЖАН ЭЛЕҢ ЭЛ ДЕП ТУУЛГАН

*(Аман Токтогуловго)*

Так салган таза көңүлгө,
Өкүнүп кээде өмүргө,
Өзүмдөй көрүп өзүңдү,
Дале, кыялбай келем өлүмгө...

Эстеген сайын сени мен,
Жан дүйнөм түтөп эзилем,
Күчүктөй журтта улудум,
Ажырап калган ээсинен,..

Катарлаш мендей муундан,
Жан элең эл деп туулган...
Нааразы болом ажалга,
Мени албай туруп сени алган...

Арылтчу көптү күйүттөн,
Туу болор журтка сен элең,
Дүңгүрөйт белем дүйнөгө,
Сени бир кайра тирилтсем...

Аман, тууганың өтөөр тутунган,
Аман, душманың кетээр жутунган...
О дүйнө пенде экенбиз,
Биз, ажалга дайым утулган..

## ЖАҢЫ ЖЫЛДЫК КААЛОО

Үмүт өңдүү адам үчүн дайым жаш,
Бабалардын батасындай карыбас,
Тирүүлүктүн учун улап, Жаңы жыл,
Эл-журтуңдун канаты бол талыбас.

Журтка берип жаңы бакыт, жаңы шык,
Кайгы чөккөн жүрөктөрдү кубантып,

Эски жылдын кырсыктарын өрттөп өт,
Ыйык салттай ыймандуулук улантып.

Дүйнөдөгү биз көрелек тарыхта,
Эм боло көр бу жарадар тарыхка.
Эски жылдай сен жутулбай парага,
Акыйкатты алып чыккын жарыкка.

Кимдер калып, кимдер жетет маарага,
Эч жан билбес оор жолдор арада.
Сен андыктан наристедей, Жаңы жыл,
Ак жолтой бол, өмүрлүү бол садага!

## КЕЛИШ ҮЧҮН

Атылып мезгилдердин жүрөгүнөн,
Урунду карегиме наристе өң
Эч качан жер шарында эл көрбөгөн,
Жаш жылдын төрөлгөнүн бүгүн көрөм.

Жыттаймын жаңы жылдын бешенесин,
Адамга бакыт алып келиши үчүн.
Өбөмүн Жаңы жылдын эриндерин,
Адамга чындык төгүп бериши үчүн!

Жаңы жыл жаш өмүрдөн берип минди,
Келсе да келиши үчүн келе элеги.
Замандаш, эгер жакса сага мага
Көтөрүп бокалдарды жиберели.

## АТАЛАР

Ата журт, сен үчүн миллион,
Аталар учушкан ок болуп,
Күйсө да күл болуп карайып,
Калышты көк жалын от болуп!

Түбөлүк кучактап гүлдөрдү,
Жүрсө деп аталар балдарын.
Бычактай суурушуп жүрөктү,
Тосушкан ажалга жандарын.



Аталар үн катпай бозоргон,
Топурак астында бүктөлүп
Жатышса үстүндө гүл менен,
Жалбырттайт өчпөгөн от күйүп!

Каныма ысык от бүркүлүп,
Олтурсам бейитте үшкүрүп,
Жаңырып аталар үндөрү
Ураалайт кеткендей тирилип!

Батпаган күн болуп үмүткө,
Эми алар жан болуп жүрөктө.
Мемирейт аталар журт үчүн,
Өздөрүн жашырып бейитке...

Эскирбес тарыхтын бетине,
Аталар! Мөөрдөй басылып,
Калышты от болуп күйүшүп,
Таштарга таш болуп жазылып!

## УНУТПА

Көөдөнгө үйүлүп капалар,
Балам деп бүк түшүп бабалар.
Жатканда көз ачып көрө албай,
Көп элек атасыз калгандар..
Калууга бир көрүп жалгызын,
Эңсеген ошондо аталар!
А бирок айталбай ичтеги,
Кан менен кошо аккан армандар!..

Келе элек кезинде карылык,
Жаштыгын башына жазданып,
Мерт болгон от бүрккөн көздөрү,
Калышкан жумулбай ачылып,
Күлкүлөр ойногон жүзүнө,
Кан менен топурак чачылып.
Кош айтып калууга умтулуп,
Туралбай кетишкен жан чыгып...

Көөдөнгө үйүлүп капалар,
Караны кийишип апалар

Калганын унутпа кырылып,
Биз үчүн миллион аталар!

## ЖАШООДО

Молдонун баары молдо эмес,
Байлыктын баары жолдо эмес,
Тойбосту кармап муунтар,
Бийликтин баары колдо эмес.

Акылдын баары зордо эмес,
Шумкардын баары тордо эмес,
Онтоткон элди көп ооруу,
Арылбас шордон шордо эмес.

Төбөсү «көккө» көрүнгөн,
Сүйлөсө сөзү төгүлгөн,
Ооруунун башы ошолор,
Оң менен сол деп бөлүнгөн.

Тулпарга чобур тең эмес,
Бирок, тулпардан күлүк кем эмес,
Алдамчы, ач көз, жегичтер,
Түгөнбөс түптүү кен эмес...

Көлчүктүн көбү көл эмес,
Кум баскан булак чөл эмес,
Уялаш элди кырк бөлгөн,
Эл бузаар иттер эл эмес.

Ушактын баары жел эмес,
Дөөлөргө чымын кеп эмес,
Эл башчынын баарысы,
Көтөргөн элди бел эмес.

Насибин бөлгөн тепетең,
Эрлер аз жүктү көтөргөн,
Өлүмгө даяр нысапсыз,
«Табылса кепин бекерден»...

Элдик иш чыны майда эмес,
Жуткандын баары пайда эмес,
Тушпөс хан болуп өткөндөр,
Түбөлүк Күн да, Ай да эмес...



Баланы жыттап деп өпсөм,
Баласыз сыздап көп өткөн.
«Ошого тойдум койчу», деп
Баласын таштап бар кеткен...

Көңүлү муздай бар чөккөн,
Көз жашын көлдөй көп төккөн.
Ыйманды, тузду аттаган,
Коралбас көңдөй бар көпкөн.

Өмүргө өлүм чек эмес,
Эстүү сөз элдик кек эмес,
Кырсыктан коргоп калууга,
Падыша элге чеп эмес...

Уюткан мээге көп элес,
Чындыктын баары сел эмес,
Пайгамбар, кайып, периште
Алар да түктүү Жер эмес...

Кейитсе жанды себепсиз,
Жан кечти айрым жетесиз...
Теңелем деп андайга,
Кээде, чектен чыгып кетебиз,
Бир Алла өзү кечирсин,
Пенде жок тура күнөөсүз,
Тирүү калар жан жоктур,
Айла жок экен пендебиз...
Белетсиз келген жашоого,
Алланын кулу экенбиз.

## ТӨКМӨ ЖЕҢИЖОК АБАНЫН АРБАГЫНА

Ал күндөр кайткыс алыс калган менен,
Өмүрүң бала жоктоп арман менен,
Өтсө да... элиң үчүн белегиңди,
Жакшылык көрбөй калаар жалган деген...

Башыңа коноор багы конуп-конбой,
Насиби чөйчөгүнө толуп-толбой,
Тагдыры кашайса да келет бүгүн,
Таланты өз өңүнөн өңүп койбой...

Коркондой куркүрөгөн көчкү селден,
Далайлар айтыштарда титиреген
Ары жок айрымдары жеңилгенде,
Туралбай өз ордунан сийип иийген...

Төкмөлүк ыйман болуп конгон тууру,
Айтылуу Арстанбек Буйлаш уулу,
Көзинде баа бериптир төмөнкүчө:
«Ырчылардын башы бол, балам,
Таразанын ташы бол балам,
Жез таңдай өзүм көргөн ырчылардан,
Теңдеши жок төкмө деп Көкө уулу»...

Деген сөз бекеринен айтылбаган,
Ал сөздөр жеңилдебей салмагынан,
Какшаган «уулум жок» деп айткан ыры,
Куткарып эми жатат арманынан...

Ой чөккөн саптар-сапка жуурулушуп,
Акыл сөз бири артынан бири чууруп,
Ырлары өмүрлөргө обон болуп,
ӨТӨ АБАМ келаткансыйт кайра гуулуп...

## ЭПИЛОГ

*«Айтышаарга теңи жок,*
*Жел жетпеген Жеңижок»,*
*Талантында кеми жок,*
*Андайлар аттиң эми жок...*

Арманы аттын башындай,
Өтөнүн арманы кеткен жазылбай,
Санаасы сайдын ташындай,
Күйүтү күңгөй ташындай,
Өтөнүн күйүтү кеткен жазылбай!..

## ЖӨЖӨ ЫРЧЫНЫ ЭСКЕРҮҮ

Боз үйдүн жасалгалуу кең төрүндө,
Жамбаштап Байтик сүйлөйт өктөмсүнө,
Баатырга башын ийип конуш сурап,
Босогодо чөк түшкөн жетим Жөжө...



Сыйбаган өпкөлөрдү көөдөндөргө,
Сыйтамак элди соргон көсөлдөргө
Арналып жаткан кезде бозоргон дейт,
Татыктуу болбой калып «чарчы бөзгө»...

Бу турмуш бирөөгө кең бирөөгө тар,
Бекерден жазылбаган «зар замандар»,
Абайга устат болгон ошол Жөжө,
Кыргыздын бактысына жаралгандар.

Кул болуп төрөлгөндөн карып Жөжө,
Аргасыз болгон экен чөгөлөөгө,
Кыргызын, Ала Тоосун бир көрмөккө,
Зар болуп өткөн экен түбөлүккө...

Турмуштун түбүң түшкүр армандарын,
Көп көрүп бирок көрбөй туугандарын,
Элине казак, кыргыз бирдей болуп,
Сайраган эгиз тилде өлөңшү акын...

Көр жетим турса да араң кулангансы,
Өмүрүн орто жолго кыялбады,
Ошондо колдон сүйөп баалаган дейт
Казактын жылдызы өчпөс Кунанбайы.

Өткөргөн бар өмүрүн акын Жөжө,
Таякчан кайыр сурап бойлоп көчө,
Көр бийлик конуш бербей койгон экен,
Жөжө ата мекенине келем десе...

80 жыл жашоо деген бөтөн элде,
Окшошот түрмөдө өткөн өмүрлөргө,
Ошондо азиз көздөн аккан арман,
Жар күтпөй, уул-кызды көрбөгөнгө...

Ушундай кудай берген таланттардын,
Кайрыган арсыз бийлик канаттарын.
Кээде Байтик өңдүү бука баштан
Дагы эле эл алдында сынат шагын...

Сиздейге кол сунгандар дайым болуп,
Сиздейди урматтоого кайыл болуп,
Сизге окшош таланттарды коргосо деймь,
Жөжө аба арбагыңыз азыр болуп...

Ак үйдүн жети кабат кең төрүндө,
Жетишип бүт ааламга сүйлөгөнгө,
Падыша курсант болуп жүргөн менен,
Олтурат кайыр сурап «бала Жөжө».

## СЫРДУУ ТҮШ

Кол тийгиз сырды баштай да албай,
Орто зар жолго таштай да албай.
Кайыптай таза өткүм да келет,
Жашырын сырды бир жанга айтпай...

Жан дүйнө эзип жабыркап күндө,
Алмашып кээде күндөрүм түнгө...
Жанчылып жатсам кайыптар келип,
Үмүтүң-ыйман дегенсийт үзбө...

Караңгы түнгө шооланы сээп,
Алакан жайып Калыгул келет,
Колумда турган мылтыкты алып,
Белгисиз бирөө калем сап берет.

Ажайып кооз «бейишке» кирем,
Жүгөнсүз азоо эшекке минем,
Тумчугуп түштө сууга агып кетип,
Кол сунган мага кош күндү көрөм...

Асманга тийип тургандай төбөм,
Кош күндү аяп төбөмө жөлөйм,
Кол менен кармай берээрде аттиң...
Коңурук тарткан... аялды сөгөм...

«Эркектин түшкө эшектер кирбейт,
Аялдын түшкө акбула кирбейт»,
Дешчү экен ырас айтылып келет,
Илгертен элде ушундай бир кеп...

Чарага толгон чочконун эти,
Оозума тиет жийиркентип мени,
«Тартынбай ал» деп шыбырайт бирөө,
Толот деп сендик насиптин кеми...

Селдечен жети адамдар келип,
Турушат катар кумганды берип,
Таза жүр уулум, таза бол дешип,
Болушат кайып... калтырып кешик...



Кайыптар тирүү... дебейли өлгөн...
Бир тирүү жан жок аларды көмгөн...
Жан кечти калбай ынтымак бузган,
Көбөйсүн элде сырдуу түш көргөн...

Толсо деп тилейм түгөнбөс кешик,
Болсо деп тилейм адамдар жетик,
Эл-журтту бузган бузуктар өлүп,
Жабылбай турсун ыйманга эшик...

## СЕЗИМИМЕ КАДАЛАТ ОК

Мен үчүн ай караңгы... Күн караңгы...
Томсоруп... күткөн өңдүү гумжардамды...
Өлүмдөй сайсөөгүмө батып турат,
Күйүткө салып жаткан далайларды,
Башталган... узап... Баткен коогалаңы...

Негедир Күн жарыгы, Ай жарыгы...
Сезилбей... темселеймин айланамды,
Айбандай буза берип чек араны,
Бандиттер Ата Журтту аралады...
Бейкүнөө бечаралар жараланды...

Капталдан баскынчылык басып турат,
Ооруудай айыкпаган «сасып» турат...
Шор чындык ач жылаңач качып турат,
Баткенде жаш жигиттер улам сулап...
Коогалаң сай сөөгүмө батып турат...

Кетпес кек жүрөгүмө баткан окшоп,
Чымын жан чыгып бара жаткан окшоп...
Жер Эне ыйлагансып элин жоктоп,
Жүрөккө Ата Журттуу аткан окшоп...
А менин сезимиме кадалат ок...

Олуя ок тийгенсип «аксап» турат,
Ушакчы кара көөнү чаптап турат,
Адилет үн чыгарбай какшап турат,
Жүгөнбөс ыйманымды чөгөлөтүп.
Ата Журт бараткансыйт тактан кулап...

*15.08.1999-ж.*

## ШУМКАР ЫРЫ

Ойлордун толкунунундай бийиктиктен,
Ак шумкар издейт жалгыз өз түгөйүн.
Айтууга жан таппады тагдыр экен,
Жан чиркин күйүт болуп күйгөндүгүн.

Шумкардын учушуна көздөрү өткөн,
Көр бийлик кайрып салды канаттарын.
Баш ийип көр бийликке аны көргөн,
Жүрөгү муздай катты акыйкаттын.

Айыккыс жараат болуп өзөгүндө,
Капаста калгансыды аттиң, шумкар...
Жер шарын чимирсе да карегине
Канатсыз шумкар эмес, кайран шумкар...

Эркиндик ал эңсеген байыртадан,
Алгыла, ак шумкардын томогосун!
Түбөлүк табигатты байырлаган,
Шумкардын Ата Журту жоголбосун!

## МАЗМУНУ

Ата Журт, жашоо арзуулары . . . . . . . . 6
Турмуштук арноо, каалоо . . . . . . . . 63

Масалбек ШАБДАНОВ
КАЙЫПТАР АРАЛЫНДА
*ырлар, болумуштар*
Редактору Ж. Жапиев
Техредактору Л. Я. Шевченко
Терүүгө 10. 04. 2000-жылы берилди. Басууга 18. 05. 2000-жылы кол коюлду. Көлөмү 7,0 басма табак. Заказ № 921. Нускасы 1000 экз.
Келишимдик баада.
«Учкун» АКсында терилди жана басылды.
Бишкек шаары, С. Ибраимов атындагы көчө, 24.